**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2010-жылдын II чейреги

**2010-жылдын июль айы**

**Бишкек**

*Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

Редакциялык кеңеш:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Абдыбалы тегин С. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Урустемов С.А. |
| | Исакова Г.А. |
| | Айдарова А.К. |
| Жооптуу катчы: | Аманов Б.К. |


Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-59 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы
bamanov@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101
дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.кg

Басылма республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтуу менен анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2010-жылдын 26-июлу.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет Министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

«Next Print» басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2010-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Аталган басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматтарды, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылма Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Чейрек сайын - январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө финансылык ортомчу катары иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү, аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Басылма коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды берип туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда бир жума ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

МАЗМУНУ

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ....................................5

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш............................5
1.1.1. Суроо-талап....................................................................................................................5
1.1.2. Сунуш...........................................................................................................................11
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар...........................................................................13
1.3. Тышкы экономикалык шарттар...........................................................................................18
1.4. Валюта курсу.......................................................................................................................22

2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР......................................................................24

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына анализдөөлөр.........................................24
2.1.1. Азык-түлүк товарларына карата баалардын динамикасы..................................................25
2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын динамикасы..................................................27
2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баалардын динамикасы..................................................................28
2.1.4. Аймактардагы керектөө бааларынын динамикасы.............................................................29
2.2. Базалык инфляция.................................................................................................................30

3-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ ...............................................................................................32

3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери...............................................................32
3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери.....................................33

4-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДОО..................................................................37

4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор.....................................37
4.2. Инфляциянын 2010-жылга жана 2010-жылдын III чейрегине карата болжолдоолору..........41

СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ..........................................................................................................45

ГЛОССАРИЙ.....................................................................................................................................49

КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ......................................................................................52

# 1-глава. Кыргыз Республикасындагы экономикалык абал

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

2010-жылдын январь-июнь айларында алдын-ала алынган маалыматтар боюнча ИДПнын көлөмү 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги ИДПнын көлөмүнө салыштырганда, реалдуу мааниде 5,0 пайызга көбөйүү менен (2009-жылдын январь-июнь айларында ИДП 1,8 пайызга кыскарган) күндөлүк баада 81,5 млрд. сомду түзгөн.

Республиканын түштүгүндө болуп өткөн окуялар экономикалык өсүш арымды 2010-жылдын биринчи чейрегиндеги 116,4 пайыздан ушул эле жылдын январь-июнь айларында 105,0 пайызга чейин басаңдатуу менен өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизген. Соода операциялары чөйрөсүндөгү түшүүлөр экономикалык өсүш арымдын басаңдоосунун негизги себебинен болгон. Алсак, алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2010-жылдын январь-июнь айларында сооданын жалпы жүгүртүлүшү 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы көрсөткүчкө салыштырганда 11,6 пайызга (2009-жылдын январь-июнь айларында өсүш 3,2 пайызды түзгөн) кыскарган.

Мында, түптөлгөн шарттардын алкагында экономиканын алгылыктуу өсүш арымынын сакталышы, экономиканын өткөн жылдагы төмөнкү өсүш арымы менен шартталган, ал өнөр жайдын төмөндөөсүнөн жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн жалпы басаңдоосунан улам («төмөнкү база» эффектиси) келип чыккан.

**1.1.1-таблица. Чыгашалардын түрү боюнча ИДПнын реалдуу өсүш арымы**
*(чейрек/мезгил өткөн жылдын тиешелүү чейрек/мезгилине карата, пайыздарда)*

| | 2009 | | | | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | | I |
| **Колдонулган ИДП** | **-1,3** | **-2,1** | **4,5** | **5,1** | **2,3** | **16,4** |
| Түпкү керектөө | -7,9 | -9,9 | 2,3 | 2,5 | -2,6 | 0,7 |
| Жекече керектөө | -8,8 | -11,4 | 1,9 | 2,8 | -3,2 | 0,8 |
| Үй чарбасы | -9,8 | -13,0 | 1,9 | 2,8 | -3,7 | 1,0 |
| ҮЧТКУ | -0,2 | 1,5 | 1,0 | 3,1 | 1,5 | -1,9 |
| Мамлекеттик мекемелердики | 0,0 | 1,1 | 1,8 | 2,5 | 1,5 | -0,1 |
| Жамааттык пайдалануу | 6,7 | 7,0 | 8,6 | 0,4 | 5,0 | -1,0 |
| Дүң топтоо | -51,1 | -52,5 | -26,6 | -25,1 | -34,3 | 27,3 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту | -33,7 | -55,9 | -47,5 | -30,5 | -42,3 | -35,5 |
| Экспорт | 6,6 | 8,7 | -7,1 | -16,5 | -4,6 | 23,3 |
| Импорт | -14,2 | -22,6 | -21,8 | -21,5 | -20,5 | 0,9 |

*Булагы УСК*

Чыгашалардын түрлөрү боюнча ИДПнын түзүмүндө 2010-жылдын биринчи чейреги ичинде[1] өсүшкө бир кыйла салым экспорт (14,2 п.п.) жана

[1] Мында жана мындан ары: өткөн мезгилге карата шилтемелер 2010-жылдын экинчи чейреги үчүн маалыматтардын жоктугу менен шартталган.

дүң топтоонун өсүшү тарабынан белгиленген (2,8 п.п.), бул өз кезегинде, өнөр жайдын экспорттук-ориентирленген тармактарында («Кумтөр» кен казып алуу ишканасы) өндүрүштүн көбөйүүсү жана негизги капиталга инвестициялардын өсүшү («Камбар-Ата-2» ГЭС курулушу) менен шартталган.

ИДП дефлятору 2010-жылдын январь-июнь айларында 105,2 пайызды түзгөн.

**1.1.2-таблица. ИДПнын дефляторунун түзүмү**

*(жыл башынан тартып, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыздарда)*

| | 2009 | | | | 2010 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | I | II |
| **Ички дүң продукт** | **109,3** | **107,9** | **101,9** | **102,1** | **103,5** | **105,2** |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 104,2 | 102,8 | 91,5 | 91,5 | 98,6 | 96,4 |
| Тоо-кендерин казып алуу өнөр-жайы | 121,5 | 124,5 | 122,7 | 117,5 | 105,1 | 85,9 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 96,9 | 103,9 | 101,7 | 107,3 | 110,3 | 110,7 |
| Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 139,4 | 132,1 | 131,7 | 126,4 | 149,5 | 142,1 |
| Курулуш | 117,0 | 111,9 | 109,0 | 107,0 | 105,7 | 106,7 |
| Соода, ремонт | 111,4 | 107,3 | 104,2 | 103,0 | 102,7 | 104,1 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 116,6 | 112,1 | 108,3 | 105,6 | 100,4 | 101,2 |
| Транспорт жана байланыш | 123,3 | 120,1 | 117,2 | 115,1 | 108,4 | 107,3 |
| Финансы ишкердүүлүгү | 110,3 | 91,5 | 90,8 | 88,9 | 95,8 | 100,5 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | 110,8 | 110,1 | 109,5 | 107,2 | 101,2 | 100,5 |
| Мамлекеттик башкаруу | 147,9 | 137,5 | 131,6 | 135,5 | 95,4 | 103,2 |
| Билим берүү | 133,9 | 137,9 | 123,4 | 116,2 | 89,9 | 99,4 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызмат көрсөтүүлөр | 84,0 | 86,6 | 82,4 | 81,0 | 88,8 | 149,8 |
| Коммуналдык жана жеке кызмат көрсөтүүлөр | 131,2 | 126,4 | 122,2 | 120,0 | 109,2 | 106,2 |
| Азык түлүккө таза салыктар | 86,8 | 85,9 | 87,1 | 86,5 | 94,5 | 101,1 |

*Булагы: УСК*

Кароого алынып жаткан жылдын январь-май айларында эмгек акынын реалдуу өсүшү алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги 4,0 пайызга караганда 9,5 пайызды түзгөн.

Калктын кирешелерин дифференциациялоо, мурдагыдай эле жогорку бойдон калат. Калктын беш тобу боюнча акчалай кирешелердин жалпы көлөмү, жогорку кирешелүү топтордун пайдасына бөлүштүрүлөт. Алсак, кыйла камсыз болгон топтун кирешелеринин үлүшү өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 2,0 п.п. көбөйүү менен 2009-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча, калктын кирешелеринин жалпы көлөмүнөн 43,5 пайызды түзгөн. Начар камсыз болгон 20 пайыз калктын үлүшү 0,9 п.п. төмөндөгөн жана 6,4 пайызды түзгөн.

**1.1.1-сүрөт. Калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмү**
*(жыл башынан тартып, пайыздар)*




Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2010-жылдын январь-май айларында жеке адамдардын акча каражаттарынын которуу системалары боюнча агылып кирүүлөрүнүн өсүшү белгиленген. Таза агылып кирүүлөрдүн жалпы көлөмү 2010-жылдын январь-май айларында 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө карата 88,8 млн. АКШ долларына же 32,2 пайызга өскөн.

**1.1.3-таблица. Которуулар системасы боюнча жеке адамдардын акчалай которуулары***
*(млн. АКШ долл.)*

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2009-ж. янв-май | 2010-ж. янв-май** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **430,3** | **625,5** | **1 138,2** | **893,2** | **276,0** | **364,8** |
| **Агылып кирүүлөр** | **470,0** | **688,2** | **1 205,5** | **966,7** | **300,4** | **398,5** |
| КМШ өлкөлөрү | 436,7 | 648,8 | 1 141,4 | 894,4 | 271,2 | 375,3 |
| Казакстан | 0,0 | 7,0 | 27,9 | 31,4 | 9,8 | 13,6 |
| Россия | 436,6 | 641,8 | 1 113,5 | 862,9 | 261,4 | 361,8 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 33,4 | 39,4 | 64,1 | 72,3 | 29,2 | 23,2 |
| Бельгия | 0,0 | 0,1 | 0,5 | 0,5 | 0,2 | 0,1 |
| Улуу Британия | 0,9 | 0,9 | 1,8 | 1,4 | 0,5 | 0,6 |
| Германия | 0,0 | 0,1 | 0,2 | 0,7 | 0,2 | 3,7 |
| АКШ | 32,2 | 38,3 | 61,4 | 69,5 | 28,1 | 18,8 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,0 | 0,2 | 0,3 | 0,1 | 0,0 |
| **Агылып чыгуулар** | **39,7** | **62,7** | **67,3** | **73,6** | **24,4** | **33,7** |
| КМШ өлкөлөрү | 38,5 | 60,2 | 65,0 | 71,8 | 23,8 | 33,0 |
| Казакстан | 0,0 | 0,2 | 2,5 | 0,7 | 0,1 | 0,1 |
| Россия | 38,4 | 60,0 | 62,5 | 71,1 | 23,6 | 32,9 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,2 | 2,5 | 2,3 | 1,8 | 0,6 | 0,7 |
| Бельгия | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,2 | 0,0 | 0,2 |
| Германия | 0,0 | 0,2 | 0,4 | 0,4 | 0,1 | 0,1 |
| АКШ | 1,1 | 2,1 | 1,7 | 1,1 | 0,5 | 0,3 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,0 | 0,1 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Сибконтакт, Быстрая почта, Аллюр ж.б. которуу системалары жана “Кыргызпочтасы” МИ аркылуу которуулар.

**алдын-ала алынган маалыматтар.

2010-жылдын июнь айында өлкөнүн түштүгүндө болуп өткөн окуялар мамлекеттик финансы секторундагы жагдайдын андан-ары өнүгүүсүндө орун алган аныксыздыкты арттырган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы кароого алынып жаткан жылдын январь-июнь айлары ичинде 1,3 млрд. сомду же ИДПга карата 1,6 пайызды түзгөн (2009-жылдын ушул эле мезгилинде мамлекеттик бюджеттин профицити 554,8 млн. сомду же ИДПга карата 0,8 пайызды түзгөн). Мында Кумтөрдүн дүң кирешесинен алынган салыктан түшкөн каражаттарды эске албаганда, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 4,1 млрд. сомду же ИДПга карата 5,1 пайызды түзгөн.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге кеткен жалпы чыгашалары 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 4,0 млрд. сомго же ИДПга карата 2,1 п.п көбөйүү менен отчеттук жылдын январь-июнь айларында 26,2 млрд. сомго же ИДПга карата 32,1 пайызды түзгөн. Күндөлүк керектөөгө бюджеттик чыгашалардын көбөйүү тенденциясы уланууда. Алсак, эмгек акыга чыгашалар жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусуна чегерүүлөр, ошондой эле социалдык жөлөкпулдар өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 6,4 п.п. көбөйүү менен 2010-жылдын январь-июнь айларында операциялык иштерге мамлекеттик чыгашалардын жалпы көлөмүнүн 58,6 пайызын түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде финансылык эмес активдерди сатып алуу операциялары боюнча акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу 2,1 млрд. сомду түзгөн, бул 2009-жылдын ушул мезгилиндегиден 1,9 млрд. сомго же 47,4 пайызга аз.

Мамлекеттик бюджеттин кирешелери жана алынган расмий трансферттери өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 1,1 пайызга көбөйүү менен 27,0 млрд. сомду же ИДПга карата 33,1 пайызды түзгөн. Мында, салыктык кирешелер жана салыктык эмес түшүүлөр кирешелердин агылып кирүүсүнө 10,7 пайыздык пунктка алгылыктуу салым кошушкан, ал эми расмий трансферттердин түшүүсү төмөндөгөн, бул 9,6 п.п. өлчөмүндө терс салымын кошкон.

**1.1.2-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(жыл башынан тартып)*



Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү өткөн жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 2010-жылдын январь-июнь айлары ичинде 2,7 пайызга көбөйгөн жана 13,2 млрд. сомду түзгөн, ошол эле учурда 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча негизги капиталга инвестициялар 16,4 пайызга көбөйгөн. Негизги капиталга инвестициялардын өсүш арымынын олуттуу басаңдоосу эң оболу, «Камбар-Ата-2» ГЭСинин курулушунун бүткөрүлүшүнүн алкагында, энергетика тармагына инвестициялардын төмөндөөсү менен шартталган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде негизги капиталга инвестициялардын тармактык түзүмүндө олуттуу үлүш транспорт жана байланыш тармагына (23,9 пайыз), Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүгө (16,0 пайыз), ошондой эле тоо-кен өнөр жайына (14,8 пайыз) туура келет.

**1.1.4-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар** *(пайыздар)*

| | млн. сом | | жыйынтыгына карата пайыздар | |
|---|---|---|---|---|
| | 2009-ж. янв-июнь | 2010-ж. янв-июнь | 2009-ж. янв-июнь | 2010-ж. янв-июнь |
| **Бардыгы** | **12 031,4** | **13 180,6** | **100,0** | **100,0** |
| **Ички инвестициялар** | **9 203,8** | **9 856,3** | **76,5** | **74,8** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каражаттар) | 1 907,7 | 347,3 | 15,9 | 2,6 |
| Жергиликтүү бюджет | 180,8 | 152,7 | 1,5 | 1,2 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 3 137,7 | 3 600,1 | 26,1 | 27,3 |
| Банктын кредити | 12,4 | 1 603,9 | 0,1 | 12,2 |
| Калктын каражаты | 3 965,0 | 4 149,8 | 33,0 | 31,5 |
| Кайрымдуулук жардамы | 0,2 | 2,5 | 0,0 | 0,0 |
| **Тышкы инвестициялар** | **2 827,6** | **3 324,3** | **23,5** | **25,2** |
| Чет өлкө кредити | 1 863,3 | 1 906,9 | 15,5 | 14,5 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 672,2 | 1 104,7 | 5,6 | 8,4 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 292,1 | 312,7 | 2,4 | 2,4 |

*Булагы: УСК*

Коммерциялык банктардын кредиттик портфелинин көлөмү өтүп жаткан жылдын башталышына салыштырганда 2,2 пайызга көбөйүү менен (2009-жылдын тиешелүү мезгилинде төмөндөө 0,6 пайызды түзгөн) 2010-жылдын июнь айынын акырына карата 25,8 млрд. сомду түзгөн. Ошондой болсо да, 2010-жылдын биринчи чейрегинин акырында экономиканы кредиттөө көлөмүнүн 1,0 пайызга төмөндөгөнү байкалган, бул товар жүгүртүү боюнча маалыматтар менен бирге өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн төмөндөөсүнүн биринчи белгилери болуп саналат.

**1.1.5-таблица. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**

| | 2009-ж. янв-июнь | | 2009-ж. | | 2010-ж. янв-июнь | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 9 721,3 | 5,3 | 10 457,7 | 13,2 | 11 090,9 | 6,1 |
| Айыл чарбасы | 3 087,8 | 5,2 | 3 084,3 | 5,1 | 3 336,8 | 8,2 |
| Өнөр жайы | 1 543,5 | 5,4 | 1 388,8 | -5,2 | 1 377,0 | -0,8 |
| Ипотека | 3 348,6 | -6,9 | 3 087,9 | -14,1 | 2 934,3 | -5,0 |
| Курулуш | 2 166,1 | -10,9 | 1 950,3 | -19,8 | 1 930,6 | -1,0 |
| Керектөө кредиттери | 1 987,1 | -6,2 | 2 028,0 | -4,3 | 1 879,4 | -7,3 |
| Жана башкалар | 3 597,5 | -6,0 | 3 217,4 | -16,0 | 3 213,3 | -0,1 |
| **Кредиттик портфели** | **25 451,8** | **-0,6** | **25 214,3** | **-1,5** | **25 762,4** | **2,2** |

**1.1.3-сүрөт. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**
*(бир мезгилдин акырына карата)*




Ушуну менен бирге эле, 2010-жылдын биринчи жарым жылдыгында банктык эмес финансы-кредит мекемелери тарабынан кредиттөөнүн өсүшү белгиленген. Алсак, алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2010-жылдын июнь айынын акырына карата БФКМдердин кредит портфели Кыргыз Республикасынын Өнүгүү фондусун эске албаганда, өтүп жаткан жылдын башталышындагы көрсөткүчкө салыштырганда 15,2 пайызга көбөйүү менен 10,2 млрд. сомду түзгөн (коммерциялык банктардын кредит портфелинен 39,8 пайыз). БФКМдердин кредит портфелинин түзүмүндө кыйла салыштырма салмак айыл чарбасын каржылоого (47,1 пайыз) жана соодага (29,0 пайыз) туура келген. Айыл-чарбасын кредиттөө 2010-жылдын январь-июнь айларында 29,4 пайызга көбөйгөн. Мында, соода операцияларын кредиттөө 3,8 пайызга төмөндөгөн (сооданы кредиттөөнүн өсүшү 2009-жылдын акырына карата 7,8 пайызды түзгөн). БФКМдердин 2010-жылдын биринчи жарым жылдыгында экономиканы кредиттөөсүнүн алгылыктуу өсүш арымына карабастан, апрель-июнь айларындагы саясий окуялар, эң оболу БФКМдердин ишине терс таасирин тийгизген.

**1.1.4-сүрөт. БФКМдин кредит портфелинин тармактык түзүмү**
*(бир мезгилдин акырына карата)*




## 1.1.2. Сунуш

2010-жылдын январь-июнь айларында кайра иштетүү өнөр жайы, курулуш, электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармактары ИДПнын өсүшүнө негизги салым кошушкан. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү чогуу алгандагы сунуштоонун көлөмү ИДПнын жалпы көлөмүнөн соода продукциялары менен 15,0 пайызга, айыл-чарба продукциялары менен 14,8 пайызга, кайра иштетүү өнөр жай продукциялары менен 13,7 пайызга, транспорт жана байланыш менен 9,8 пайызга камсыз болгон.

**1.1.6-таблица. ИДПнын өсүшүнө/ төмөндөшүнө иштин өзүнчө түрлөрүнүн салымы**

| | 2009-ж. янв-июнь | | 2010-ж. янв-июнь | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң продукт** | **-1,8** | **-1,8** | **5,0** | **5,0** |
| Дүң кошулган нарк | -1,5 | -1,5 | 4,3 | 4,3 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 2,5 | 0,4 | 0,2 | 0,0 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 9,2 | 0,0 | 7,5 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | -21,2 | -3,1 | 49,7 | 5,6 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | -13,0 | -0,2 | 12,7 | 0,2 |
| Курулуш | -9,9 | -0,4 | 7,2 | 0,3 |
| Соода, ремонт | 4,6 | 0,8 | -9,0 | -1,6 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 4,4 | 0,1 | -8,0 | -0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 6,9 | 0,6 | 0,2 | 0,0 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 7,9 | 0,1 | 2,0 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | 2,0 | 0,1 | -4,4 | -0,2 |
| Мамлекеттик тескөө | 4,4 | 0,2 | 1,5 | 0,1 |
| Билим берүү | 1,1 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | -0,2 | 0,0 | -0,8 | 0,0 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | -0,7 | 0,0 | -2,9 | -0,1 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | -1,8 | -0,3 | 5,0 | 0,6 |

*Булагы: УСК*

Өнөр жайдын физикалык көлөмүнүн индекси 2009-жылдын январь-июнь айларындагы 81,2 пайызга караганда 2010-жылдын биринчи жарым жылдыгында 141,8 пайызды түзгөн. Өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү «Кумтөр», алтын кен ишканасы сыяктуу эле, алтын казып албаган ишканаларда да белгиленген. Алсак, өнөр жай өндүрүшүнүн 2010-жылдын январь-июнь айларында өсүшү «Кумтөр» ишканасын эске албаганда 126,6 пайызды түзгөн.

Өнөр жай продукциясынын көлөмүнүн өсүшү металл өндүрүшүндөгү жана даяр металл буюмдары өндүрүшүндө (1,7 эсеге), башка металл эмес минералдык продуктулардын (1,9 эсеге), текстиль жана тигүү өндүрүшүндө (1,5 эсеге), ошондой эле электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүүдө жана бөлүштүрүүдө (112,7 пайыз) олуттуу өсүштөн улам жетишилген.

Экономиканын күндөлүк өсүш арымы мурда белгиленгендей эле, өткөн жылда түптөлгөн «төмөнкү базанын» эффекти менен шартталган. Мында, төмөнкү база, эң оболу 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгына туура келет, анткени ушул мезгилде экономиканын алгылыксыз өсүш арымы байкалган, ал эми жылдын экинчи жарымында бир катар тармактар боюнча (айыл чарба, курулуш) олуттуу өсүш белгиленген.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде сооданын бардык секторлору боюнча соода операцияларын жүгүртүүнүн олуттуу төмөндөөсү белгиленген, ал бүтүндөй алганда 11,6 пайызды түзгөн. Соода операцияларынын жүгүртүлүшүнүн төмөндөөсү негизги соода өнөктөш өлкөлөр менен соода шарттарынын начарлоосу сыяктуу эле, республикадагы саясий жагдайлардын таасири менен шартталган.

**1.1.7-таблица. Соода операцияларынын түзүмү жана динамикасы**

| | **2009-ж. янв-июнь** | | **2010-ж. янв-июнь** | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **3,2** | **100,0** | **-11,6** |
| Авто жана мото техникаларын, тетиктерин сатуу | 3,5 | 4,1 | 3,5 | -12,4 |
| Техникалык жактан тейлөө жана авто ремонт | 0,6 | -3,3 | 0,5 | -12,2 |
| Мотор майлары менен чекене сатуу | 6,3 | 33 | 8,7 | -12,7 |
| Дүң соода | 35,3 | -2,3 | 31,6 | -18,5 |
| Чекене соода | 54,1 | 3 | 55,5 | -6,9 |
| Тиричилик буюмдарын ремонттоо | 0,2 | -12,3 | 0,2 | -19,6 |

*Булагы: УСК*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы[1]

2010-жылдын 1-июлуна карата акча базасы ушул эле жылдын экинчи чейрегинде 4,2 пайызга көбөйүү менен 41,0 млрд. сомду түзгөн (2009-жылдын экинчи чейрегинде акча базасынын көбөйүүсү 14,8 пайызды түзгөн). Жылдык мааниде акча базасы 20,6 пайызга көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан жылдын экинчи чейрегинде акча базасынын өзгөрүүсүнө (+1,7 млрд. сомго) акча баазсын 4,9 млрд. сомго көбөйткөн Өкмөттүн операциялары таасирин тийгизген, ал эми ошол эле учурда, Улуттук банктын операциялары аны 3,3 млрд. сомго азайткан. Салыштыруу үчүн: 2009-жылдын экинчи чейрегинде акча базасынын көбөйүүсү 4,4 млрд. сомду түзгөн, мында Өкмөттүн операциялары акча базасын 4,6 млрд. сомго көбөйтсө, Улуттук банктын операциялары аны 0,2 млрд. сомго азайткан.

Жүгүртүүдөгү акча 2010-жылдын экинчи чейрегинде 7,0 пайызга көбөйүү менен 2010-жылдын 1-июлуна карата 36,9 млрд. сомду түзгөн (2009-жылдын экинчи чейрегинде көбөйүү 14,7 пайызды түзгөн). Жүгүртүүдөгү акчанын өсүшү жылдык эсептөөдө 25,0 пайызды түзгөн.

Акча базасынын түзүмүндө отчеттук жылдын экинчи чейреги ичинде жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшүнүн 2010-жылдын июнь айынын акырына карата 87,7 пайыздан 90,1 пайызга чейин көбөйүүсү жүргөн. Буга ылайык, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 12,3 пайыздан 9,9 пайызга чейин азайган.

### М2 акча топтому

М2 акча массасы 2010-жылдын 1-июлуна карата 45,9 млрд. сомду түзүү менен ушул эле жылдын экинчи чейрегинде 7,4 пайызга көбөйгөн (2009-жылдын экинчи чейрегинде М2 акча массасынын көбөйүүсү 15,3 пайызды түзгөн). Жылдык мааниде М2 акча массасынын өсүшү 26,4 пайызды түзгөн.

М2 акча топтомунун көлөмүнүн көбөйүүсү банктардан тышкаркы акчалардын 8,5 пайызга жана улуттук валютадагы депозиттердин 3,6 пайызга, анын ичинде башка депозиттердин (мөөнөттүү) 15,2 пайызга кыскаруусунда которулма депозиттердин (талап кылганга чейинки) 15,1 пайызга көбөйүүсү менен шартталган.

### М2Х акча топтому

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы кароого алынып жаткан жылдын экинчи чей-

---

[1] Акча базасы Улуттук банктын жүгүртүүгө чыгарылган нак акчалар боюнча милдеттенмелерин жана Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын аналитикалык баланстык отчету жөнүндө» жаңы жобого (Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 28-декабрындагы №51/1 токтому) ылайык, Улуттук банктын башка депозиттик корпорациялар (коммерциялык банктар) алдындагы улуттук валютадагы милдеттенмелерин түшүндүрөт.

регинде 1,4 пайызга көбөйүү менен ушул эле жылдын 1-июлуна карата 57,1 млрд. сомду түзгөн (2009-жылдын тиешелүү мезгилинде М2Х көбөйүүсү 13,3 пайызды түзгөн). Жылдык мааниде кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы 22,6 пайызга көбөйгөн.

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын өзгөрүүсү 2010-жылдын экинчи чейрегинде депозиттердин жалпы көлөмүнүн[1] 8,3 пайызга кыскаруусунда банктардан тышкаркы акчалардын 8,5 пайызга көбөйүүсү менен шартталган, мында улуттук валютадагы депозиттер 3,6 пайызга көбөйсө, чет өлкө валютасындагы депозиттер тескерисинче, 17,3 пайызга азайган (2009-жылдын экинчи чейрегинде М2Х акча массасынын көбөйүүсү банктардан тышкаркы акчалардын 13,4 пайызга жана депозиттердин жалпы көлөмүнүн 13,2 пайызга көбөйүүсүнөн улам жүргөн).

М2Х акча массасынын түзүмү 2010-жылдын экинчи чейреги ичинде төмөнкүчө өзгөргөн:

– банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 57,8 пайыздан 61,9 пайызга чейин көбөйгөн;
– улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 18,1 пайыздан 18,5 пайызга чейин көбөйгөн;
– чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 24,1 пайыздан 19,6 пайызга чейин азайган.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчанын мультипликатору 2010-жылдын экинчи чейрегиндеги 1,431 ден март айынын акырына карата 1,393 кө чейин азайган (2009-жылдын июнь айынын акырына карата - 1,371).

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчаны жүгүртүү тездиги кароого алынып жаткан мезгил ичинде март айынын акырына карата 4,0 дон июнь айынын акырында 3,8 ге чейин төмөндөгөн (2009-жылдын июнь айынын акырында - 4,3). Буга ылайык, жүгүртүүнүн тескери көрсөткүчү - М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монеттештирүү коэфициенти отчеттук мезгил ичинде март айынын акырындагы 24,8 пайыздан июнь айынын акырына карата 26,0 пайызга чейин көбөйгөн (2009-жылдын июнь айынын акырында 23,0 пайыз).

---

[1] Банк тутумунун аналитикалык балансынын маалыматтары боюнча өзүнө жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттерин камтыйт, мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**




2010-жылдын экинчи чейрегинде финансы рыногундагы жагдайдын калыптанышына саясий жагдайдын курчушу жана экономиканын өнүгүүсүндөгү аныксыздык таасирин тийгизген. Экономикалык агенттердин алгылыксыз күтүүлөрү апрель айында депозиттердин банк тутумунан агылып чыгуусуна алып келген. Мындан тышкары, коммерциялык банктардагы үстөк камдардын деңгээлинин өзгөрүүсү банктар аралык кредиттик рынокто карыздык ресурстарга суроо-талаптын көбөйүүсү жана алардын наркынын жогорулоосу менен коштолгон.

**1.2.2-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**




2010-жылдын апрель-июнь айларында акча-кредит саясатын жүргүзүү максатында Улуттук банк, өз ноталарын банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу үчүн колдонуусун уланткан. Апрель окуяларынан кийин коммерциялык банктарда ликвиддүүлүк деңгээли төмөндөгөн, ушуга байланыштуу Улуттук банктын ноталарынын эмиссиясынын көлөмүн кыскартуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Ошол эле учурда, бул баалуу кагаздарга суроо-талап өткөн чейректеги суроо-талапка салыштырганда олут-

туу кыскарган, бул бир канча маанилүү инвесторлордун рыноктон кетишине жана айрым коммерциялык банктарда ликвиддүүлүк деңгээлинин өзгөргөндүгүнө байланыштуу болгон. Бүтүндөй алганда, кирешелүүлүктүн көбөйүүсү бул рыноктун бардык сегменттеринде белгиленген. Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7 , 91 жана 182 күндүк ноталарын жайгаштыруу боюнча аукциондор өткөрүлгөн эмес, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталар боюнча бир аукцион өткөрүлгөн. 14 күндүк ноталардын орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү 2010-жылдын биринчи чейрегиндеги кирешелүүлүгүнө карата 0,9 пайызды түзүү менен 0,3 пайыздык пунктка 28 күндүк ноталардыкы 2,1 пайыздык пунктка 3,0 пайызга чейин көбөйгөн. 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 8,3 пайыздык пунктка, 28-күндүк ноталардыкы 6,9 п.п. төмөндөгөн.

**1.2.3-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Улуттук банктын жүгүртүү мөөнтү 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн орточо мааниси катары аныкталган, акыркы төрт аукциондо түптөлгөн эсептик чен көбөйгөн жана июнь айынын акырына карата 2,7 пайызды түзгөн. «Овернайт» кредиттери боюнча чен мезгилдин акырына карата 3,2 пайызды түзгөн. Улуттук банк отчеттук чейректе коммерциялык банктарга 2,6 пайыз орточо чен менен 843,0 млн. сом жалпы суммадагы «овернайт» кредитин берген.

Экинчи чейректе Финансы министрлиги тарабынан МКОлорду сунуштоонун ар жумалык көлөмү биринчи чейректеги деңгээлинде калтырылган. Инвесторлор тарабынан бул баалуу кагаздарга карата суроо талап сунушту бир аз жогорулаткан, бул рыноктун негизги катышуучусунун биринин кетиши жана жаңысынын келиши менен түшүндүрүлөт. Мында, МКОлордун кирешелүүлүгү бүтүндөй чейрек ичинде өскөн. Бүтүндөй алганда, 2010-жылдын апрель-июнь айларында 16,8 пайыз (+4,8 п.п.) орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү менен 287,9 млн. сом суммасындагы МКО жайгаштырылган.

МКВлардын биринчилик рыногунда эмитент МКВларды жайгашты-

руунун көлөмүн бир аз көбөйткөн, ал эми ошол эле учурда, аларга карата суроо-талап биринчи чейректегиге салыштырганда кеминде үч эсеге кыскарган, бирок буга карабастан, бул баалуу кагаздарга карата суроо-талап анын сунушунан арткан. МКВлардын кирешелүүлүк динамикасы апрель айынын ортосунда өзүнүн максималдуу маанисине, ал эми июнь айынын акырында минималдуу маанисине жетишүү менен чейрек ичинде өзгөрүп турган, бул айрым банктарда ликвиддүүлүктүн олку-солкулугунан улам суроо-талаптын өзгөрүлмөлүүлүгүнө байланыштуу болгон. МКВлардын жалпы орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү өткөн чейректеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 3,7 п.п көбөйүү менен кароого алынып жаткан мезгил ичинде 9,5 пайызды түзгөн. 3 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү 5,8 пайызды түзүү менен 4,1 пайыздык пунктка, 6 айлык МКВлар 4,4 пайыздык пунктка, 8,6 пайызга чейин жана 12 айлык МКВлар 3,5 пайыздык пунктка, 10,5 пайызга чейин көбөйгөн. МКВлардын кирешелүүлүгүнүн жалпы деңгээли 2009-жылдын тиешелүү чейрегиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 8,3 п.п. төмөндөгөн, кирешелүүлүктүн азаюусу рыноктун бардык сегменттеринде байкалган.

**1.2.4-сүрөт. МБКнын кирешелүүлүк динамикасы**




Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда 2010-жылдын экинчи чейрегинде коммерциялык банктарда үстөк камдардын өзгөрүп туруусунан улам, карыздык ресурстарга талап алда канча арткан. Улуттук жана чет өлкө валюталарындагы банктар аралык кредиттердин наркы негизинен эсептик чендин жана акча рыногунун башка сегменттеринде орун алган чендердин өзгөрүүсү таасиринен көбөйгөн. Кароого алынып жактан жылдын экинчи чейрегинде репо операцияларынын жалпы көлөмү өткөн чейректеги ушул көрсөткүчкө салыштырганда 2,1 пайызга кыскаруу менен 1 265,0 млн. сомду түзгөн, ал эми алар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 1,6 пайыздык пункттан 3,7 пайызга чейин көбөйгөн. Банктар аралык улуттук валютадагы кредиттердин жалпы көлөмү 76,5 млн. сом суммасында катталган, ал эми пайыздык чен 4,9 пайызды түзгөн. 2009-жылдын экинчи чейрегиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда,

репо операциялары боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 6,4 пайыздык пунктка, банктар аралык улуттук валютадагы кредиттер боюнча 3,7 пайыздык пунктка төмөндөгөн

Ички банктар аралык кредит рыногунундагы чет өлкө валютасындагы операциялар сегментинде келишилген бүтүмдөрдүн көлөмү сомдук эквивалентинде 106,4 млн сомду түзгөн, ал эми орточо салмактанып алынган пайыздык чен 3,8 пайыз денгээлинде белгиленген, бул өткөн чейректеги ушул күрсөткүчтөн 2,8 пайыздык пунктка жогору.

Кароого алынып жаткан чейрек ичинде Улуттук банк репо шарттарында МКБ (ж) сатуу боюнча аукциондорду, ошондой эле коммерциялык банктар менен своп-операцияларын жүргүзгөн эмес. Коммерциялык банктар Улуттук банктагы мөөнөттүү депозиттик эсептерге каражаттарын жайгаштырышкан эмес.

## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар

### Соода балансы

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2010-жылдын экинчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы, 2009-жылдын 2-чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 2,6 пайызга кыскаруу менен 270,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде тышкы соода жүгүртүү[1] 0,3 пайызга көбөйүү менен 1 031,2 млн. АКШ долларында катталган. Кыргызстандын тышкы дүйнө менен соода боюнча мамилелеринде КМШ өлкөлөрү менен алакалар басымдуу болуп, товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмүнүн 53,1 пайызын түзгөн. Ал эми алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшүнө, тиешелүүлүгүнө жараша 46,9 пайыз туура келген.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




[1] КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары Улуттук Банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен келтирилген.

2010-жылдын 2-чейрегинде товарлардын экспорту (ФОБ баасында)[1] 380,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчтөн 1,4 пайызга же абсолюттук мааниде алганда 5,2 млн АКШ долларына жогору. Алыскы чет өлкөлөргө экспорт, КМШ өлкөлөрүнө экспорт 1,5 пайызга же 2,6 млн. АКШ долларына кыскарган шартта, 1,0 пайызга же 7,8 млн. АКШ долларына өскөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экспорттолуучу товарлардын негизги тобунун[2] салыштырма салмагы төмөнкүчө калыптанган: аралык товарлары экспорттун чогуу алгандагы көлөмүнүн 36,0 пайызын, керектөө товарлары 27,3 пайызын, чийки заттар 26,2 пайызын, энерго продукциялары 6,1 пайызды түзгөн.

Бир азга, 1,1 пайыздык өсүшкө карабастан, 2010-жылдын 2-чейрегинде экспорттун эң ири статьясынан болуп аралык товарлары катталган, алардын көлөмү 120,0 млн АКШ долларын түзгөн. Товарлардын ушул категориясынын товардык түзүмүндө экспортунун көлөмү 17,8 пайызга көбөйүү менен 101,2 млн АКШ долларын түзгөн алтын басымдуулук кылган. Алтындын экспортунун өсүшү аларды берүүлөрдүн физикалык көлөмүнөн 8,8 пайызга төмөндөөсү шартында, баанын 1,2 эсеге өсүшүнүн эсебинен жүргөн.

Керектөө товарларынын экспорту 31,1 пайызга өсүү менен 91,1 млн АКШ долларын түзгөн. Ушул статья боюнча экспорттун көбөйүүсүнө негизги салымды, азык-түлүктөн башка товарлардын берилиши кошкон.

Алардын көлөмү 48,1 пайызга же 17,7 млн. АКШ долларына өскөн. Бул биринчи кезекте кийим-кечелердин жана аларга тиешелүү буюмдардын экспортунун 1,7 эсеге (17,6 млн. АКШ долларына) өсүшү менен шарталган. Ал эми буга, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсү түрткү болгон. Жылдын экинчи чейрегинде электр лампаларынын экспорту аларды берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн төмөндөөсүнүн натыйжасында 11,0 пайызга же 0,4 млн. АКШ долларына кыскарган. Азык-түлүк товарлар түзүмүндө экспорттун өсүшү жашылчалар (11,6 пайызга же 1,6 млн. млн. АКШ долларына), жемиштер (38,8 пайызга же 2,5 млн. АКШ долларына), минералдык сууларга жана алкоголсуз суусундуктарга (54,9 пайызга же 0,6 млн. АКШ долларына), тоң майга жана жуурулган майларга (2,6 эсе же 0,4 млн АКШ доллар), майларды жана сырды кошпогондо сүт жана сүт азыктары (3,6 пайызга же 0,1 млн. АКШ доллар) сыяктуу товардык позициялар боюнча байкалган. Жогоруда аталган товарлар боюнча экспорттун өсүшү негизинен, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн өсүшү менен камсыз кылынган.

Чийки зат экспорту 3,0 пайызга көбөйүү менен 87,3 млн. АКШ долларын түзгөн.Чийки зат экспортунда негизги үлүштү органикалык эмес химиялык заттар ээлеген (чийки заттардын бүтүндөй экспортунун 84,6 пай-

---

[1] КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары Улуттук Банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен келтирилген.

[2] КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары Улуттук Банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен келтирилген.

ызы), аларды берүүлөр кароого алынып жаткан мезгил ичинде натуралдык түрдө өлчөп көрүүдө 1,4 эсеге өскөн. Ал эми баалар 20,1 пайызга төмөндөгөн. Жыйынтыгында, ушул товар боюнча экспорттун көлөмү 13,2 пайызга же 8,6 млн. АКШ долларына көбөйгөн. Берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен иштетилбеген булгаарынын экспорту көбөйгөн (1,8 эсеге же 0,7 млн. АКШ долларына). Физикалык көлөмдүн кыскарышынын натыйжасында тамекинин экспорту 13,4 пайызга же 1,0 млн. АКШ долларына төмөндөгөн, ал эми пахтанын экспорту 77,2 пайызга же 1,2 млн. АКШ долларына кыскарган. Отчеттук мезгил ичинде энергопродукцияларынын экспорту 61,9 пайызга төмөндөө менен 20,3 млн АКШ долларын түзгөн.

Товарлардын ушул категориясынын экспорттун жалпы көлөмүндөгү салыштырма салмагы 2009-жылдын 2-чейрегиндеги 16,2 пайыздан 2010-жылдын 2-чейрегиндеги 6,1 пайызга чейин кыскарган. Түптөлгөн бул жагдайды мунайзаттарын үчүнчү өлкөлөргө реэкспорттоонун кыскаруусу менен түшүндүрүүгө болот. Авиакеросинин берүүлөр 69,7 пайызга же 30,7 млн АКШ долларына, дизель отуну 67,6 пайызга же 3,4 млн АКШ долларына, автомобиль бензини 100,0 пайызга же 2,3 млн АКШ долларына төмөндөгөн. Бул жагдай мунайзаттарына баанын өсүшүнөн улам берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусу менен түшүндүрүлөт. Казакстанга берүүлөрдүн көбөйүүсүнүн натыйжасында, электрэнергиясынын экспортунун нарктык көлөмү 4,4 эсеге артуу менен 3,2 млн АКШ долларын түзгөн.

Товарлардын экспортунун географиялык түзүмүндө алыскы чет өлкөлөр басымдуу абалды ээлеген (чогуу алгандагы экспорттун 60,5 пайызы), мында Швецария (22,9 пайыз), АКШ (12,8 пайыз) жана БАЭ (9,3 пайыз) алдынкы өнөктөш өлкөлөрдөн бойдон калган. Ал эми КМШга кирген өлкөлөр тобунан Россия (25,2 пайыз) жана Казакстан (9,5 пайыз) ири өнөктөштөрдөн болгон.

Жылдын биринчи чейрегинде товарлардын импорту[1] 0,3 пайызга төмөндөө менен 650,7 млн АКШ долларын түзгөн. Импорттун төмөндөөсү КМШ өлкөлөрүнөн анын өсүшү байкалган (2,9 пайызга) шартта, алыскы чет өлкөлөрдөн катталган (4,3 пайызга).

Функционалдык түзүмгө ылайык[2] энергопродукциялар (импорттун чогуу алгандагы көлөмүн 30,5 пайызы (керектөө товарлары (29,0 пайыз) жана аралык товарлары (23,8 пайыз) импорттук операцияларда эң ири товардык категориядан болгон.

2-чейрек ичинде энергопродукциялардын импорту 23,6 пайызга көбөйүү менен импорттук операцияларда 214,9 млн АКШ долларын түзгөн. Сырттан ташылып келинген мунай заттарынан алымдардын (пошлиналардын жогорулоосу импорттук баанын 63,0 пайызга өсүшүнө жана мунай отунун физикалык көлөмүнүн 22,0 пайызга кыскаруусуна алып кел-

[1] СИФ баасында импорт 703,9 млн. АКШ долларын түзгөн. соода балансынын тартыштыгы – 323,4 млн. АКШ долларын тңзгөн.

[2] КР УСКнын жана КР МБКнын Маалыматтары Улуттук Банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен келтирилген.

ген). Ошентип, авиакеросининин импортунун нарктык көлөмү 18,3 пайызга (13,2 млн АКШ долларына, автомобиль бензинин 11,4 пайызга (5,6 млн АКШ долларына) өскөн. Дизель отунун импорту баанын өсүшүнүн эсебинен сыяктуу эле, сандык көрсөткүчтөрдүн артышынын эсебинен 76,2 пайызга (17,3 млн АКШ долларына) көбөйгөн, бул жазгы талаа иштерине байланыштуу ага карата ички талаптын артышы менен шартталган. Баа жана сандык факторлор мазуттун импортуна да таасирин тийгизип, ал 3,1 эсеге (4,0 млн АКШ долларына) өскөн. Жаратылыш газынын импорту, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 16,7 пайызга көбөйүүсүнүн натыйжасында 16,2 пайызга (1,8 млн АКШ долларына) өскөн.

Отчеттук мезгил ичинде керектөө багытындагы товарлардын импорту 5,8 пайызга кыскаруу менен 204,0 млн АКШ долларын түзгөн. Сырттан алынып келинген жеңил автомобилдердин санынын 26,0 пайызга кыскарышынын, ошондой эле баанын 17,0 пайызга төмөндөөсүнүн натыйжасында, товарлардын ушул категориясынын импортунун нарктык көлөмү 38,8 пайызга же 13,3 млн. АКШ долларына кыскарган. Кийим-кечелердин жана ага керектүү буюмдардын импорту 24,8 пайызга же 4,6 млн АКШ долларына кыскарган. Сырттан ташып келүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн төмөндөшүнүн натыйжасында, эт жана эт азыктарынын импорту (1,9 млн. АКШ долларына) шоколад азыктарынын, кофенин, чайдын импорту (3,1 млн АКШ долларына) канттын импорту (2.2. млн АКШ долларына), сүт жана сүт азыктарыныкы (0,6 млн АКШ долларына) төмөндөгөн. Сыранын импорту баанын төмөндөшүнүн сыяктуу эле, сандык факторлордун таасири астында 1,5 млн АКШ долларына кыскарган. Дары-дармектер (5,9 млн. АКШ долларына) жана өсүмдүк майы (3,7 млн. АКШ доллары) боюнча өсүш катталган.

Аралык товарлар тобу боюнча импорттун көлөмү 167,8 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчтөн 2,5 пайызга төмөн. Ал эми «чоюн жана болот» товардык тобу боюнча импорт 22,7 пайызга же 5,5 млн. АКШ долларына кыскарган, бул сандык көрсөткүчтүн төмөндөөсү себебинен жүргөн. Баа көрсөткүчүнүн 19,3 пайызга кыскарышынын эсебинен кездемелер импорту 16,4 пайызга же 1,8 млн. АКШ долларына кыскарган. Берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн артышы резина дөңгөлөктөрүнүн (24,0 пайызга же 2,1 млн. АКШ долларына) жана жер семирткичтердин (2,4 эсеге же 4,7 млн. АКШ долларына) түшүүлөрдүн нарктык көлөмүнүн өсүшүнө алып келген.

Чийки заттарынын курамында дан эгини 2010-жылдын 2-чейрегинде 34,4 пайызга же 5,2 млн АКШ долларына кыскарган, бул импорттук баанын төмөндөшүнөн улам келип чыккан, ошол эле учурда берүүлөрдүн физикалык көлөмү 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги деңгээлде сакталып калган.

Географиялык түзүмгө ылайык импорттун негизги үлүшү – 57,1 пайызы КМШ өлкөлөрүнөн түшкөн. Ал эми алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 42,9 пайыз чегинде катталган. Импорттук операциялар боюнча Кыргызстандын негизги өнөктөш өлкөлөрүнөн болуп Россия (чо-

гуу алгандагы импорттун 33,5 пайызы), Кытай (16,6 пайызы), Казакстан (12,9 пайызы), АКШ (6,0 пайызы) мамлекеттери саналган.

## 1.4. Валюта курсу

2010-жылдын 2-чейрегинде республиканын валюта рыногунда кыргыз сомунун АКШ долларына карата басаңдоосу катталган. Бул жагдай ички сыяктуу эле, тышкы факторлор менен да шартталган. Дүйнөлүк рыноктордо доллар/евронун курстук динамикасы тышкы факторлордон болгон, ал бүтүндөй чейрек ичинде америка валютасынын чыңдалуусу менен мүнөздөлгөн. Валюталарга суроо-талап менен сунуш ортосундагы дисбаланс, атап айтканда, аларга суроо-талаптын артышы шартында товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунан валюталардын агылып кирүүсүнүн кыскаруусу (соода жагынан өнөктөш өлкөлөрдөн болгон Казакстан жана Өзбекстан республикалары менен чек аралардын жабылышы) ички рынокто аныктоочу факторд он болгон. Мындан тышкары, адетте чет өлкө валюталарынын агылып кирүүсүнүн артышы, анын ичинде туристтерден валюталардын түшүүсү, ошондой эле банктардын импорту тейлөөгө чыгашаларынын төмөндөшү менен мүнөздөлгөн жай мезгили азыркы шартта адаттагы тенденциялардан айырмаланган, башкача айтканда туристтик иштен валюталардын агылып кирүүсү быйылкы жылда олуттуу төмөндөгөн.

Улуттук банк улуттук валютанын туруктуулугун колдоого алуу максатында банктар аралык валюта тооруктарында АКШ долларын сатуу жана сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзгөн. 2-чейрек ичинде Улуттук банктын АКШ долларын сатуу боюнча операцияларынын көлөмү 90,1 млн. АКШ долларын түзүү менен 67,1 пайызга көбөйгөн, ал эми долларды сатып алуу боюнча операциялардын көлөмү 25,0 пайызга артып, 2,3 млн. АКШ долларын түзгөн (2009-жылдын 2-чейрегиндегиге салыштырганда Улуттук банктын сатуу жагында операцияларынын көлөмү 5 эседен көбүрөөккө арткан болсо, сатып алуу боюнча операциялары 80,5 пайызга азайган). АКШ долларынын июнь акырына карата эсептик курсу, чейрек ичинде 2,6 пайызга жогорулоо менен 46,3896 сом/АКШ долларын түзгөн. 2009-жылдын 2-чейрегинин жыйынтыгы боюнча доллардын эсептик курсу чейрек ичинде 1,5 пайызга көбөйүү менен 43,2810 сом АКШ долларын түзгөн эле).

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүү арымы**




Евро курсунун динамикасы тышкы рыноктордо анын АКШ долларына карата катышынын динамикасынын таасири астында калыптанган. Эл аралык рыноктордо евро курсунун өзгөрүүсүнүн алкагында, 2-чейрек ичинде, июнь айынын биринчи он күндүгүнө чейин алмашуу бюролорундагы евро курсу бара-бара төмөндөп, андан соң чыңдалуу жагына ыктаган. Бүтүндөй алганда, чейрек ичинде еврону сатуу курсу 6,6 пайызга төмөндөп, июнь айынын акырында 56,6155 сом/еврону түзгөн.

# 2 глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин калыптанышына иликтөөлөр[1]

2010-жылдын июнь айында инфляция мааниси (2009-жылдын июнь айына карата) 3,6 пайызды түзгөн, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде ал 4,8 пайыз чегинде катталган эле. Тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга баа индекси жылдык мааниде алганда 0,7 пайызга төмөндөгөн. Товарлардын калган тобу боюнча баанын өсүшү катталган. Азык-түлүктөн башка товарларга (9,2 пайызга) кымбаттагандыгы катталган; алкоголдук ичимдиктерге жана тамекилерге баанын өсүшү 6,0 пайызды, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө 5,1 пайызды түзгөн.

Баалардын мына ушундай калыптанышы электр жана жылуулук энергиясына, ысык сууга тарифтердин өзгөрүүсү, ошондой эле тамак-аш азыктарына баанын төмөндөшү таасири астында калыптанган, бул дүйнөлүк азык-түлүк рыногунда (дан эгини жана кант боюнча) салыштырмалуу туруктуу жагдайдын өкүм сүрүп турушу менен шартталган.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин динамикасы жана жылдык эсептөөдө аларды түзүүчүлөр**




Жылдын 2-чейрегинде керектөө бааларынын индекси терс калыптануу менен -0,7 пайызды түзгөн (2009-жылдын 2-чейрегинде өсүш 0,2 пайыз чегинде катталган). Анын ичинде тамак-аш азыктарына керектөө баасынын индекси – 98,0 пайызды, алкоголдук ичимдиктерге жана тамекилерге – 103,6 пайызды, азык-түлүктөн башка товарларга – 98,8 пайызды жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө – 101,8 пайызды түзгөн.

[1] УСКнын маалыматтары боюнча.

### 2.1.1. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы

Ички рынокто бүтүндөй алганда, түптөлгөн баа жагдайы ар кандай багыттуулугу менен мүнөздөлгөн. 2010-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча азык-түлүк товарларына баа жылдык мааниде алганда 0,7 пайызга төмөндөгөн. (2009-жылдын июнь айында баанын төмөндөөсү 3,2 пайызды түзгөн эле). Нан азыктарына жана талканга баалар 9,5 пайызга арзандаган, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну 12,4 пайызга, сүт азыктарына баа 1,6 пайызга, мөмө-жемиш азыктарына 10,6 пайызга төмөндөгөн. Нан азыктарына баа динамикасынын калыптанышынына таасирин тийгизген негизги факторлордун бири болуп, импортер өлкөлөрдүн нан азыктары рыногунда түптөлгөн ыңгайлуу коньюктура жана республикада продукциялардын өткөндөн калган олуттуу калдыгы саналган.

**2.1.2-сүрөт. Азык-түлүк товарларына карата баалардын жылдык динамикасы**




2010-жылдын экинчи чейрегинде азык-түлүк продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн баасы өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырган товарлардын баардык түрү боюнча төмөндөө арымын уланткан. Алсак, дан эгинин өстүрүүчүлөрдүн баасы жылдык мааниде алганда 31,0 пайызга, жашылчаларга – 19,8 пайызга, картофелдики – 54,5 пайызга, сүт азыктарыныкы – 5,6 пайызга, ал эми эттики 0,5 пайызга төмөндөгөн.

**2.1.3-сүрөт. Айыл чарба продукцияларынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын жылдык динамикасы**




Ундан жасалган азыктардын керектөө рыногунда да баанын төмөндөшүнүн жүрүшү байкалган. Алсак, нанга, нан азыктарына жана талкандарга баа индекси жылдык өлчөөдө 9,5 пайызга төмөндөгөн (ал эми 2009 жылдын ушул эле мезгилинде төмөндөө 12,1 пайызды түзгөн), анын ичинде нандын баасы 4,2 пайызга арзандаган. Айрыкча, биринчи жана экинчи сорттогу ун, тиешелүүлүгүнө жараша 12,4 жана 7,5 пайыз чегинде өтө тез арымда арзандап отурган.

Экинчи чейрек ичинде мөмө-жемиш азыктарына баа динамикасы да ар тараптуу багытта калыптангандыгы байкалган: жемиштер – 10,8 пайызга кымбаттаган болсо, сезондук факторлордун таасиринен улам жашылчалар, тескерисинче 20,1 пайызга арзандаган. Жылдык мааниде алганда ушундай эле жагдай түптөлгөн; мөмө жемиштерине баа 1,5 пайызга өсүп, жашылчаларга 16,7 пайызга төмөндөгөн.

Атамекендик рынокко импорттолуп алынган арзан канттын түшүүсү, ошондой эле быйылкы жылы «Каинды Кант» кайра иштетүүчү заводу өз ишин жандандырат деген күтүүлөр республикада канттын наркына таасирин тийгизген. Алсак, кароого алып жаткан чейректин ичинде кантка баанын өсүшү жылдык мааниде алганда республика боюнча 33,4 пайызды түзгөн, бул өткөн жылдын январь айындагы ушул эле көрсөткүчтөн 13 пайыздык пунктка төмөн. Кыргыз Республикасынын УСКнын маалыматтары боюнча өтүп жаткан жылдын экинчи чейрегинде сырттан ташылып келинген канттын орточо баасы тоннасына 776 АКШ долларын түзгөн (ал эми биринчи чейрекке карата – 2,7 пайыз чегинде катталган).

Эт азыктарын ичтен өндүрүү керектөөнүн 58 пайызга жакынынын ордун жабат, ал эми калган көлөмү импорттолунуп келинет. Ошентип, импорттук продукцияларынын наркынын өсүшү ички рынокто баанын өсүшүн шарттайт. Иликтөөгө алынып жаткан чейректин жыйынтыгы бо-

юнча алынгын маалыматтарга ылайык эт азыгы жылдык мааниде 5,8 пайызга кымбаттаган.

Экинчи чейрек ичинде «майлар жана тоң майлар» тобу боюнча баа динамикасы өзгөрүүгө дуушар болгон. Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата абал боюнча май жана тоң майлар рыногунда баанын 4,8 пайызга жогорулагандыгы катталаган. Учурда, республикага өсүмдүк майынын 57 пайызынан көбүрөөгү импорттолуп алынып, ал эми бул продукциялардын баасы жылдык мааниде алганда 3,7 пайызга көбөйгөн, мына ушунун өзү да ички рынокто баанын өсүшүн шарттаган факторлордун бири болгон.

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында сезондук факторлордон улам сүт азыктарына керектөө баасы төмөндөөсүн улантуу менен 4,4 пайызды түзгөн. Ал эми жылдык мааниде алганда сүт азыктары 1,6 пайызга арзандаган.

### 2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы

Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин өсүшү жылдык мааниде алганда 9,2 пайызды түзгөн, бул бир жыл мурдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 6,1 пайыздык пунктка төмөн. Мына ушул товарларга керектөө баасынын индекси электрэнергиясына, ысык сууга жана борбордук жылытууга тарифтердин динамикасы менен аныкталган. Албетте, башка факторлор да буга таасирин тийгизген. Алсак, кийим-кече жана бут кийимге баа аял затынын жана эр адамдардын кийим-кечесинин, тиешелүүлүгүнө жараша 13,1 жана 11,4 пайызга кымбатташынан улам 9,3 пайызга жогорулаган. Үй тиричилигине керектүү буюмдарга жана тиричилик техникаларына баанын өсүш арымынын басаңдоосу катталып, ал 3,6 пайызды түзгөн. Мына ушундай жагдайдын калыптанышына түрткү берген негизги себептен болуп, тиричилик жана текстиль буюмдарына баанын өсүшүнүн 2010-жылдын биринчи чейрегиндеги 25,1 пайыздан экинчи чейректин акырына карата алынган 2,6 пайызга чейинки басаңдоосу саналган, буга импорттук продукцияларга баанын төмөндөшү өбөлгө түзгөн.

**2.1.4-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баалардын жылдык динамикасы**




Жылдын экинчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча КММга баанын тездик менен өсүшү уланган. Алсак, бензинге баа жылдык мааниде алганда 73,4 пайызга, ал эми дизель отунуна 61,3 пайызга өскөн. 2010-жылдын 1-апрелинен тартып, Россиядан Кыргызстанга экспорттолуп алынган мунайга жана мунай затына экспорттук бажы алымынын киргизилиши, ошондой эле экинчи чейректин башталышынан тартып жазгы талаа жумуштарынын күч алышы мына ушундай тенденциянын түптөлүшүнүн негизги себебинен болгон.

## 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы

Экинчи чейрек ичинде акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баа индекси жылдык өлчөөдө 5,1 пайыздык өсүшкө ээ болгон. (2009 жылдын экинчи чейрегинде ал 18,1 пайызды түзгөн эле). Мына ушул топтун индексинин өсүшү, эң башкысы, КММнын кымбатташына байланыштуу транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (+9,3 пайыз), электрэнергиясына тарифтердин жогорулатышы жана импорттолуп алынган дары-дармектердин кымбатташы менен шартталган саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнүн (+27,9 пайыз) кымбатташынын эсебинен, ошондой эле эмгек өргүү учурунун башталышына байланыштуу эс алууну уюштуруу жагындагы кызмат көрсөтүүлөрүнүн (15,9 пайыз) кымбатташынан улам жүргөн. Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө баанын өсүшү 1,3 пайызды, ресторандар жана мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө баанын өсүшү 1,5 пайызды түзгөн. Ал эми байланыш кызмат көрсөтүүлөрү 0,2 пайызга арзандаган.

**2.1.5-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын жылдык динамикасы**




## 2.1.4. Аймактардагы керектөө бааларынын динамикасы

2010-жылдын экинчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча республиканын дээрлик баардык областтарында керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин өсүшү байкалган. Жылдык эсептөөдө баанын эң арымдуу жогорулоосу Баткен жана Чүй областтарында катталып, алар тиешелүүлүгүнө жараша 11,3 жана 6,9 пайыз чегинде белгиленген. Мына ушул областтарда баанын жогорулоосу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн баардык тобу боюнча жүргөн. Бул жерде жылдын июнь айында орун алган убактылуу тартыштыктан улам, Баткен областында биринчи жана экинчи сорттогу буудай унуна баанын тиешелүүлүгүнө жараша 9,3 жана 5,4 пайызга жогорулоосун, ошондой эле Ысык-Көл областында биринчи сорттогу буудай унуна баанын 6,4 пайызга, ал эми Жалал-Абад областында 3,6 пайызга жогорулагандыгы катталган.

Калган областтарда инфляция 5 пайыздан ашкан эмес, алсак, Ош, Жалал-Абад, Нарын жана Талас областтарында керектөө баалары, тиешелүүлүгүнө жараша 4,3 пайызга, 4,1 пайызга, 2,4 пайызга, 3,9 пайызга жогорулаган. Ысык-Көл областында эң башкысы, азык-түлүк товарларынын наркынын төмөндөшүнүн эсебинен 0,6 пайыз деңгээлинде дифляциянын орун алышы байкалган.

Республиканын борборунда 2,7 пайыз чегинде баанын өсүшү белгиленген, мында, тамак-аш азыктары 2,5 пайызга арзандап, алкоголдук ичимдиктер, тамеки, азык-түлүктөн башка товарлар жана акы-төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр, тиешелүүлүгүнө жараша 5,8 пайызга, 9,8 пайызга жана 3,3 пайызга кымбаттаган.

**2.1.6-сүрөт. Региондордогу КБИнин жылдык динамикасы**




## 2.2. Базалык инфляция

Базалык инфляция баанын кыска мөөнөттүк, структуралык жана сезондук өзгөрүүсүн жокко чыгарган баа динамикасынын көрсөткүчү катары аныкталат, башкача айтканда инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн товарларга түшүмдүн аз алынышы, КММ рыногунда баа таасири, тарифтерди административдик өзгөртүү ж.б. сыяктуу сезондук же тышкы факторлор баанын өсүшү менен шартталган.

Төмөндө базалык инфляциянын жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептелинген динамикасы чагылдырылган. Бул ыкма, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн баалары адетте, бир жолу болуп өтүүчү жана/ же кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон айрым категорияларын же бүтүндөй топторун КБИден алып салуу дегенди түшүндүрөт. Адетте, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энерго продукциялар жана өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

2010-жылдын апрель айынан тартып СФК базалык инфляцияны жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептөөнү баштаган (2010-жылдын 29-апрелинде бекитилген №9 ыкмага ылайык, эсептөө учурунда сүт, кант, мөмө-жемиштердин жана алкогол-тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электроэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун, байланыш кызмат көрсөтүүлөрү жана айрым башка продукциялар эске алынбайт. Бүтүндөй алганда, эсепке алынбаган товарлардын үлүшү жалпы керектөө куржунунун 25 пайызын түзөт.

Кыргыз Республикасы УСКнын ыкмасы боюнча эсептелинген базалык инфляциянын мааниси 2010-жылдын экинчи чейрегинде КБИнин калыптанган деңгээлинен бир аз жогору болгон. Бул факт экономикада баа динамикасына айрым бир басымдын орун алып жаткандыгын тастыктайт. УСКнын ыкмасы боюнча базалык инфляция жылдык мааниде алганда 3,8 пайызды түзгөн, ал эми «иргелбеген» инфляция 3,6 пайыз чегинде түптөл-

гөн. Ошол эле учурда, керектөө товарларынын башка комбинацияларын эске албаган базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчү жылдык мааниде алганда КБИнин учурда орун алып турган маанисинен жогору бойдон калган. Бул азык-түлүк товарларына баа динамикасынын республикадагы керектөө бааларынын жалпы деңгээлине басымдуу таасир этип турушун чагылдырат.

**2.2.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция 1 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана талкандар, 2) суу май жана тоң майлар, 3) жашылча-жемиштер, 4) газ, 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материлдар.

Базалык инфляция 2 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) эт, 2) жашылча-жемиштер, 3) газ, 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материлдар.

Базалык инфляция 3 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана талкандар, 2) сүт азыктары, 3) жашылча-жемиштер, 4) газ, 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материлдар.

Базалык инфляция 4 – азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ, отундун башка түрлөрү толук алынып салынат.

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты маселелери боюнча чечимдери

## 3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Төмөндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын экинчи чейреги ичинде акча-кредит саясат жагында кабыл алган негизги чечимдеринин тизмеги келтирилген:

1. Экономикалык иштиктүүлүктүн жигерин арттыруу максатында Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 3-майындагы №26/13 токтому менен «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы тарабынан жаңыдан берилген кредиттер үчүн 2010-жылдын үчүнчү чейрегинин акырына чейин бул фонддун кредиттөөсүнүн баардык багыттары боюнча пайыздык ченди түптөө үчүн «1» өлчөмүндө бирдиктүү оңдоо коэффициенти белгиленген. Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамынын 43-статьясына жана Фонддун Уставынын 5-статьясына ылайык, Улуттук банк Башкармасы ошондой эле бул мекеменин иш натыйжалуулугун арттыруу үчүн бир катар токтомдорду кабыл алган.
2. Коммерциялык банктардын кредиттөө жигерине дем берүү максатында Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2010-жылдын 19-майында коммерциялык банктардын милдеттүү камдарынын өлчөмүн 9,5 пайыздан эсептик базанын 8 пайызына чейин төмөндөтүү жагына кайрадан каралган (34/3 токтом).
3. Түптөлгөн жагдайга тиешелүү баа берүү, ошондой эле кыска мөөнөттүк мезгил аралыгында акча-кредит саясатын жүргүзүүнүн сценарийлерин иштеп чыгуу үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2010-жылдын 26-майында жылдын биринчи чейрегинде акча-кредит саясат жана келээрки мезгилге акча-кредиттик программа кароого алынып, ал боюнча отчет жактырылган (№36/1 токтом). 2010-жылдын биринчи чейрегиндеги акча-кредит саясат жөнүндө отчеттун кыскартылган версиясы маалымат иретинде Убактылуу Өкмөтүнүн Аппаратына, Финансы министрлигине, Кыргыз Республикасынын Экономикалык жөнгө салуу министрлигине ошондой эле, Улуттук банктын расмий веб-сайтына жайгаштырылган.
4. Экономикалык өсүшкө түрткү берүү максатында финансы секторуна колдоо көрсөтүү үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2010-жылдын 26-майында №36/11 «тике своп-операцияларын жүргүзүү жөнүндө» токтом кабыл алынган. Бул токтомго ылайык Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары менен стандарттык шарттарда, 6 айдан ашпаган мөөнөткө АКШ долларындагы акча каражаттарынын ордуна микрофинансылык уюмдарга улуттук валютада каражаттарды сунуштоо боюнча тике своп-операцияларын аукциондук эмес негизде убактылуу жүргүзүүгө уруксат берилген. Ал эми бул

операциялардын мөөнөтү Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечими боюнча андан ары пролонгацияланышы мүмкүнчүлүгү да каралган. Мында, пайыздык чендин өлчөмү жана своп-операцияларына келишүү шарттары мына ошол Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан белгиленет.

5. Акча-кредит саясатынын каражаттарын (инструменттерин) модернизациялоонун алкагында, «овернайт» жана «бир күндүк» кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоо базасын кеңейтүү максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2010-жылдын 30-июнунда №52/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан сунушталган «овернайт» жана «бир күндүк» кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоо жөнүндө» токтом кабыл алынган. Мына ушул токтомго ылайык Кыргыз Республикасы Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздары (МКВ, МКМ жана Улуттук банк ноталары) жогоруда аталган кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоо катары кабыл алынат, мында күрөөнүн наркы кредиттин суммасынын 120 пайызы өлчөмүндө белгиленет.

## 3.2. Акча кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу Комитети акча-кредит чөйрөсүндө оперативдүү чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечим жума сайын кабыл алынуу менен акча рыногунда калыптанган жагдайга баа берүүнүн натыйжаларына негизденет. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмүн 2010-жылдын экинчи чейрегинде жогоруда аталган Комитет тарабынан Улуттук банк Башкармасы аныктаган, 2010-жылга каралган акча-кредит саясатынын негизги багыттарында, келээрки мезгилде акча кредиттик программада көрсөтүлгөн, ошондой эле банк тутумунда салык-бюджет чөйрөсүндө калыптанган жагдайды эске алуу менен максаттарга жана милдеттерге жараша аныкталган.

Жылдын экинчи чейрегинде Комитеттин 13 отуруму өткөрүлгөн. Комитеттин чечимдери Улуттук банктын ноталарынын жумалык аукциондорун өткөрүү аркылуу банк тутумунда ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салууга багытталган. Ликвиддүүлүктүн төмөндөтүлүшүнө жана салык-бюджет чөйрөсүндө абалдын татаалдашына байланыштуу, Улуттук банк апрель айында жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмүн 2010-жылдын март айынын акырындагы 1,0 млрд сом деңгээлинен жылдын июнь айынын акырындагы 200 млн сомго жакын деңгээлге чейин жеткирүү максатында Улуттук банктын ноталарынын эмиссия көлөмүн олуттуу кыскартууну баштаган. Мында, Улуттук банк апрель айында болгону жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарды жайгаштыруу менен 7 жана 14 күндүк ноталарды жайгаштыруу боюнча аукциондорду өткөрүүнү токтоткон.

Өтүп жаткан жылдын экинчи чейрегинде Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү 0,7 млрд сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуусу[1] 4,0 млрд. сом эквивалентин түзгөн. Акча кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан, ошондой эле «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын кредиттөө максаттары үчүн айына 1 жолу белгиленүүчү базалык чен өлчөмү жөнүндө чечим да кабыл алынган. Фонддун кредиттик каражаттары боюнча пайыздык чен өлчөмү, кредиттөө тармагына жараша оңдоо коэффициенти менен базалык ченге теңдештирилегн. Учурда жана жылдын үчүнчү чейрегинин акырына чейин Фонддун кредиттөөсүнүн бардык багыттары үчүн Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын үчүнчү майындагы №26/13 токтомуна ылайык, «1» өлчөмүндө оңдоо коэффициенти белгиленген.

Кредиттөө арымынын басаңдоо шартында реалдуу секторго колдоо көрсөтүү максатында 2010-жылдын май айында Комитеттин чечими менен Фонддун кредиттөө максаттары үчүн базалык чен апрель айындагы 8,0 пайыздан 7,0 пайызга чейин төмөндөтүлүп, ал 2010-жылдын экинчи чейрегинин акырына чейин сакталып калган.

**Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын биринчи чейрегиндеги акча кредит саясат жөнүндө отчаетто кароого алган отурумунан кыскача баяндама**
**(Пресс-релиз)**

2010-жылдын 26-майында Улуттук банк Башкармасы тарабынан биринчи чейректе жүзөгө ашырылган акча-кредит саясат жөнүндө отчет кароого алынган.

Отчеттук кароонун жүрүшүндө, январь айынан тартып электр энергиясына ысык сууга жана жылытууга тарифтердин жогорулатылышы инфляциялык басымдын өсүшүн шарттаган негизги фактордон болгондугу баса белгиленген. Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча керектөө баларынын индексинин өсүшү 4,8 пайызды түзгөн болсо, 2009-жылдын ушул эле мезгилинде инфляция деңгээли 0,4 пайыз чегинде катталган эле. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жылдык мааниде алганда инфляция 4,0 пайызды түзгөн, ал эми өткөн жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилинде инфляция деңгээли 13,6 пайызды түзгөн.

Инфляциялык тобокелдиктердин сакталып турушунан улам, Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде өз ноталарынын эмиссия көлөмүн оптималдуу деңгээлде колдоого алып турган. Жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 1 млрд. сомго жакын деңгээлде сакталып турушу менен март айынын акырында 986,1 млн. сомду түзгөн. Улуттук банктын эсептик чени чейрек ичинде 0,7 ден 1,2 чейинки чекте өзгөрүлүп туруу менен март айынын акырында 0,9 пайызды түзгөн.

[1] Улуттук банк Кыргыз Республикасы кабыл алган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу саясатына таянуу менен иш алып барат.

Ошондой эле, биринчи чейрек ичинде экономикада экономикалык өсүш арымынын 16,4 пайызга чейин олуттуу артышы байкалган, бул эң башкысы, өткөн жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндеги «төмөнкү база» эффекти менен шартталган. Ошо менен бирге эле, тышкы сектордо да позитивдүү тенденциялар байкалуу менен соода балансынын тартыштыгынын кыскаруусу жана ыңгайлуу тышкы коньюктуранын түптөлүшүнөн улам жеке трансферттердин агылып киришинин артышы орун алган. Улуттук банктын кызматкерлери тарабынан бюджет-салык саясатынын таасирине жүргүзүлгөн баа берүүлөр, отчеттук мезгил ичиндеги акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчтөрүнөн мурда жактырылган программадан четтөөсүн аныктаган фактордон болуп, мамлекеттик башкаруу секторунун операциялары саналгандыгын тастыктаган.

Отчетто республикада апрель айынын баш жагында болуп өткөн жана акча-кредит саясатынын шарттарына жана аны жүзөгө ашыруу мүнөзүнө олуттуу таасирин тийгизген каргашалуу саясый окуялардын кесепеттерине да көңүл бурулган. Ушул жагдайдан улам туруксуз абалдын орун алышы банк тутумунан депозиттердин агылып чыгуусун шарттап, ал өз кезегинде, коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүнүн төмөндөөсүнөн көрүнгөн. Банк тутумундагы ликвиддүүлүктү колдоого алуу үчүн Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети Улуттук банктын ноталарынын эмиссия көлөмүн кыскартуу чечимин кабыл алган. Натыйжада, жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 986,1 млн сомдон 234,4 млн сомго чейин азайтылган. Май айында Улуттук банк Башкармасы коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн камсыз кылуунун чараларынын бири катары милдеттүү камдардын өлчөмүн 31-майдан тартып 9,5 пайыздан 8,0 пайызга чейин төмөндөтүү чечимин кабыл алган.

Мындан тышкары, тариф саясатында акыркы өзгөрүүлөрдөн улам өсүп жаткан жылдагы инфляция деңгээли боюнча күтүүлөргө тиешелүү маселеге да көңүл бурулган. Улуттук банктын кызматкерлери тарабынан ишке ашырылган баа берүүлөрдүн натыйжалары, апрель айындагы тариф саясатын төмөндөтүү жагына кайрадан карап чыгуу 2010-жылы инфляциялык басымды төмөндөтө албай тургандыгын көрсөткөн, ал Россиянын 2010-жылдын апрель айында мунайга жана мунай заттарына экспорттук бажы алымын киргизгендигинен улам сакталып турган.

Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрү отчеттук чейрек ичиндеги акча-кредит саясатынын натыйжалары боюнча пикир алмашып, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн, болуп өткөн саясый окуялардын республикадагы экономикалык жагдайга мүмкүн болуучу кесепеттерин талкууга алышты. Алсак, учурда экономикалык өсүштүн төмөндөөсү коркунучунун орун алып жаткандыгы, ошондой эле 2010-жылы ИДПнын өсүшү берилген баалардын бирине ылайык 2,0 пайызга жакынды гана түзөөрү болжолдонгон.

Мындан тышкары, банк Башкармасы талкуунун жүрүшүндө ички суроо-талаптын олуттуу түшүп кетүүсүнө тиешелүү кооптонууну баса белгилөө менен жеке адамдын жана юридикалык жактардын реалдуу кирешелердин

кыскаруусу орун алышы мүмкүндүгүн белгилеп, бул түпкүлүгүндө келип финансы-кредит мекемелеринин абалына да таасирин тийгизиши ыктымалдыгы көрсөтүлгөн. Ушуга байланыштуу финансы-кредит мекемелерине кредит саясатын пайыздык чендерди төмөндөтүү жагына кайрадан карап чыгуу зарылдыгы жөнүндө көрсөтмө берүүнүн максатка ылайыктуулугу сунушталган. Анткени, кредит портфелинин абалынын начарлап кетүүсүнө жол бербөө зарыл. Банк башкармасы, учурда банк секторунун финансылык абалы акча-кредит саясатынын багытын аныктаган негизги факторлордун бири экендигин баса белгилеген. Талкуунун алкагында Кыргыз Республикасы Өкмөтүнүн орто мөөнөттүк аралыкка экономикалык программасынын маңызында алдыда турган парламенттик шайлоолордо жеңишке жетишкен саясий партиялардын программалары чагылдырылышы мүмкүн экендигине тиешелүү пикири билдирилген. Ошону менен бирге эле, экономиканы колдоо боюнча кечиктирилгис чаралардын көрүлүшү турмуш талабы экендиги баса белгиленген.

Албетте, 2010-жылга мамлекеттик бюджеттин балансташпоосу жана ички карызды тейлөөнүн наркынын жогорулап кетишине байланыштуу тынчсыздануу да билдирилген, анткени булар өтүп жаткан жылда акча-кредит саясатын жүргүзүүгө олуттуу таасирин тийгизет.

Кылдат талкуунун жыйынтыгында Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрү 2010-жылдын биринчи чейрегинде жүзөгө ашырылган акча-кредит саясат боюнча отчетту жактырышкан.

# 4-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор

Өлкөдө болуп өткөн акыркы окуялар жакынкы жылдарга экономиканын өнүгүү келечектерине олуттуу оңдоолорду киргизүүгө мажбур кылган. Бул белгисиздик жагдай создуктуруп, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү болжолдоону татаалдаштырат.

Ушул басылманын өткөн чыгарылышында жарыяланган 2010-жылга ИДПны болжолдоолор өлкөдөгү туруксуз жагдайдан улам, төмөндөтүү жагына кайрадан каралып чыккан. Учурда, ИДПнын түшүүсү күтүлүүдө, ал 2,5 пайызды түзүшү мүмкүн. 2010-жылга ИДПнын номиналдык көлөмү 211,7 млрд сом чегинде болжолдонууда.

Айрыкча, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө жана айыл-чарбасында негизги төмөндөө болжолдонууда. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө төмөндөө соодадагы жүгүртүүлөрдүн канчалык деңгээлде түшүүсүнө жана өтүп жаткан жылдын биринчи жарым жылдыгында болуп өткөн каргашалуу окуялардын кесепеттери канчалык таасирин тийгизе тургандыгына жараша болот. Айыл-чарбасында өткөн жылдагы жогорку түшүмдүүлүктүн алкагында кошумча нарктын төмөндөшү ыктымал, бул да экономикалык өсүш арымына терс таасирин тийгизет. Өнөр жайындагы өсүш, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү басаңдоонун ордун жарым-жартылай жабышы ыктымал, мында өндүрүштүн артышы көбүнчө алтын казып алууга байланышпаган, жылдын январь-июнь айларынын жыйынтыгы боюнча ИДПнын өсүшүнө салмактуу салым кошо алган тармактардын эсебинен жүргөн. Бул жерде ошондой эле, экономиканын өсүшү Россиянын, Белорусиянын жана Казакстандын бажы союзун түзүүсү Кыргызстандын тышкы экономикалык ишмердигине канчалык таасир эте алышына жараша боло тургандыгын да эске алуу зарыл.

**4.1.1-таблица. Экономиканын тармактары боюнча 2010-жылга карата ИДПнын болжолу**

| | так маалыматтар | | | | | | | эсептешүүчү маалыматтар | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | күндөлүк баалар, *млн. сом* | салыштырылуучу баалар, *млн. сом* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | дефлятор, *пайыздар* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | салыштырылуучу баалар, *млн. сом* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | дефлятор, *пайыздар* |
| | 2009-ж. | | | | | 2010-ж. янв.-июнь | | 2010-ж. | | | |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 43 372,8 | 47 395,8 | 3 244,9 | 7,3 | -8,5 | 21,1 | 0,2 | 41 984,9 | -1 387,9 | -3,2 | |
| Өнөр жайы | 29 143,7 | 26 596,0 | -1 928,4 | -6,8 | 9,6 | 4 387,1 | 42,5 | 31 190,5 | 2 046,8 | 7,0 | |
| Тоо-кендерин казып алуу өнөржайы | 1 232,7 | 1 048,8 | 47,1 | 4,7 | 17,5 | 36,6 | 7,5 | 1 257,4 | 24,7 | 2,0 | |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 24 577,0 | 22 910,3 | -1 940,4 | -7,8 | 7,3 | 4 166,3 | 49,7 | 26 199,1 | 1 622,1 | 6,6 | |
| анын ичинде «Кумтөр» | 13 611,4 | 10 204,9 | -808,6 | -7,3 | 33,4 | 2 613,6 | 71,3 | 14 484,3 | 872,9 | 6,4 | |
| Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3 334,0 | 2 636,9 | -35,1 | -1,3 | 26,4 | 184,2 | 12,7 | 3 734,1 | 400,1 | 12,0 | |
| Курулуш | 11 235,3 | 10 501,4 | 621,1 | 6,3 | 7,0 | 227,1 | 7,2 | 12 358,8 | 1 123,5 | 10,0 | |
| Соода | 32 205,2 | 31 266,4 | 553,8 | 1,8 | 3,0 | -1 209,1 | -9,0 | 28 179,6 | -4 025,7 | -12,5 | |
| Транспорт жана байланыш | 17 931,0 | 15 583,0 | 757,9 | 5,1 | 15,1 | 74,8 | 0,2 | 17 393,1 | -537,9 | -3,0 | |
| Жана башкалар | 40 675,1 | 35 793,1 | 587,8 | 1,7 | 13,6 | -232,8 | -1,3 | 39 129,4 | -1 545,7 | -3,8 | |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 21 860,0 | 25 261,2 | 567,9 | 2,3 | -13,5 | 467,2 | 5,0 | 21 313,5 | -546,5 | -2,5 | |
| **ИДП** | **196 423,1** | **192 396,9** | **4 405,0** | **2,3** | **2,1** | **3 675,6** | **5,0** | **191 549,8** | **-4 873,3** | **-2,5** | **10,5** |

Кызмат көрсөтүүнү сунуштоо чөйрөсүндө, атап айтканда соода жүргүзүүдө төмөндөө создугуп кеткен учурда ИДПнын төмөндөөсү тереңдеп кетиши ыктымалдыгы да орун алууда. Мындан тышкары, айыл-чарбасында да пессимисттик сценарийдин өөрчүшү тобокелдиги орун алууда, анын кесепетинен 2010-жылдагы экономикалык өсүш -3,5 пайызды түзүп калышы ыктымал.

**4.1.2-таблица. Экономиканын тармактары боюнча 2010-жылга карата ИДПнын болжолу (оңдолгону)**

| | так маалыматтар | | | | | эсептешүүчү маалыматтар | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | күндөлүк баалар, *млн. сом* | салыштыруучу баалар, *млн. сом* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | дефлятор, *пайыздар* | салыштыруучу баалар, *млн. сом* | ДКН өсүшү, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | дефлятор, *пайыздар* |
| | **2009-ж.** | | | | | **2010-ж.** | | | |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 43 372,8 | 47 395,8 | 3 244,9 | 7,3 | -8,5 | 41 179,5 | -2 193,3 | -5,1 | |
| Өнөр жайы | 29 143,7 | 26 596,0 | -1 928,4 | -6,8 | 9,6 | 31 123,8 | 1 980,1 | 6,8 | |
| Тоо-кендерин казып алуу өнөр-жайы | 1 232,7 | 1 048,8 | 47,1 | 4,7 | 17,5 | 1 257,4 | 24,7 | 2,0 | |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 24 577,0 | 22 910,3 | -1 940,4 | -7,8 | 7,3 | 26 199,1 | 1 622,1 | 6,6 | |
| анын ичинде «Кумтөр» | 13 611,4 | 10 204,9 | -808,6 | -7,3 | 33,4 | 14 484,3 | 872,9 | 6,4 | |
| Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3 334,0 | 2 636,9 | -35,1 | -1,3 | 26,4 | 3 667,4 | 333,4 | 10,0 | |
| Курулуш | 11 235,3 | 10 501,4 | 621,1 | 6,3 | 7,0 | 12 920,6 | 1 685,3 | 15,0 | |
| Соода | 32 205,2 | 31 266,4 | 553,8 | 1,8 | 3,0 | 27 374,4 | -4 830,8 | -15,0 | |
| Транспорт жана байланыш | 17 931,0 | 15 583,0 | 757,9 | 5,1 | 15,1 | 17 213,8 | -717,2 | -4,0 | |
| Жана башкалар | 40 675,1 | 35 793,1 | 587,8 | 1,7 | 13,6 | 38 641,3 | -2 033,8 | -5,0 | |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 21 860,0 | 25 261,2 | 567,9 | 2,3 | -13,5 | 21 094,9 | -765,1 | -3,5 | |
| **ИДП** | **196 423,1** | **192 396,9** | **4 405,0** | **2,3** | **2,1** | **189 548,4** | **-6 874,7** | **-3,5** | **10,5** |

ИДПнын өсүшүнүн/төмөндөөсүнүн таасири астында экономикада келип чыгуучу баа тобокелдиктеринин кошумча индикаторлору өндүрүш ажырымынын көрсөткүчүнөн болушу мүмкүн. (ИДП).

Ушул жылдын биринчи жарым жылдыгында ИДПнын өсүшүнүн тездеши байкалган, демек, ИДПнын ажырымынын көбөйүүсү жүргөн, бул кароого алынып жаткан жылда экономикада инфляциялык арымдын мүмкүн болуучу артышын чагылдырат. Ошондой болсо да, ИДПнын мына ушундай өсүшкө ээ болуусу өткөн жылдагы базанын төмөндүгү менен шарттalгандыгын жана узакка созулбай тургандыгын эске алуу зарыл, анткени, 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча экономикалык өсүштүн өткөн жылдагыга салыштырганда төмөндөөсү болжолдонууда. Жыйынтыгында, экономикадагы инфляциялык басымдын мындай өсүшү экинчи жарым жылдыкта экономикалык жигердүүлүктүн төмөндөшү менен басаңдап инфляция деңгээлинин артуу жагына ык коюуусуна олуттуу таасир эте албайт.

**4.1.1-сүрөт. ИДПнын потенциалдуу жана анык болжолдоолору**

*(өсүш арымы жыл башынан тартып өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата)*




Өтүп жаткан жылы керектөө көлөмү экономикалык жигердүүлүктүн басаңдашы жана чогуу алгандагы суроо-талаптын кыскаруусу таасири астында 2,9 пайызга төмөндөөсү күтүлүүдө, соода жагынан негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдө экономикалык өсүштүн калыбына келип жаткандыгынын айрым белгилеринин байкалып жатышы алкагында акча которуулардын агылып кирүүсүнүн көбөйүшү мүмкүн. Бул кирешелердин кыскарышынын ордун жарым-жартылай жабууга өбөлгө түзөт.

Мамлекет тарабынан экономикага инвестициялык салымдардын айрым бир көбөйүүсү болжолдонууда, бул капиталдык салымдардын көбөйүүсүнөн, анын ичинде каргашалуу окуялардын кесепетинен талкаланган инфраструктура объекттерин жана калктын мүлкүн калыбына келтирүүгө чыгашалардан көрүнөт. Мындай чаралар экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келишине түрткү берип, ИДПнын төмөндөшүн бир азга жеңилдетүүгө өбөлгө түзөт.

Импорттун өсүшү 2010-жылда 108,3 пайыз деңгээлинде күттүлүүдө, бул өткөн жылда анын төмөнкү деңгээлде болушу жана негизги өнөктөштөн болгон өлкөлөрдүн экономикасынын байкалып жаткан калыбына келиши менен шартталган. Экспорттон кирешелер болжол менен алганда 3,0 пайызга өсөт.

Кыргызстандын Россия, Белоруссия жана Казакстандын бажы союзунун алкагында шайкеш иш алып баруу маселеси олуттуу мааниге ээ болот, анткени, мына ушул маселени ийгиликтүү чечилишинен соода жагында негизги өнөктөштөн болгон өлкөлөр менен соода-экономикалык кызматташуу чөйрөсүндө ийгиликтерге жетишүү көз каранды. Мында, соода жүргүзүү жагындагы жаңы шарттар экономикада олуттуу өзгөрүүлөргө алып келиши ыктымал, анткени, соода жүргүзүү көп жылдардан бери система түзүүчү тармактан болуп келген жана ал келечекте улуттук экономиканын өнүгүшүнө түпкүлүктүү таасирин тийгизиши мүмкүн.

## 4.2. 2010-жылга жана 2010-жылдын үчүнчү чейрегине инфляциялык болжолдоолор

Инфляцияны болжолдоодо алардын инфляциянын жыйынтык маанисине таасир этүү деңгээли өлкөнү калыбына келтирүү жана андан ары өнүктүрүү арымына жараша боло турган белгисиздиктин бир нече эң эле маанилүү факторлорун бөлүп көрсөтүүгө болот.

Керектөө баасынын жалпы деңгээлин, айрыкча, орто мөөнөттүк келечекке калыптандырууда товарлар менен кызмат көрсөтүүлөргө талап менен сунуштун ортосундагы тең салмактуулук өзөктүү роль ойнойт. 2009-жылдан берки айкын маалыматтар, ошондой эле 2010-жылдын акырына чейинки болжолдоолор Кыргызстанда ички суроо-талап төмөндөп жаткандыгын тастыктоодо. Акыркы айлардагы социалдык-саясый туруксуздук, демек, өлкөдө ишкердик жигердүүлүктүн басаңдоосу, инвестициялык жагдайдын начарлоосу, соода жүгүртүүлөрүнүн төмөндөшү, калктын кирешелинин өсүшүнүн мүмкүн болуучу басаңдоосу жана чогуу алгандагы суроо-талаптын мындан ары да айрым бир басаңдоого дуушар болушу өлкөдө инфляция деңгээлине таасир этүүсүн улантышы мүмкүн.

Ошондой болсо да, суроо-талаптын төмөндөшү өсүштүн басаңдоосу, ал эми айрым позициялар боюнча товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушунун төмөндөшү менен бир учурда жүргөндүгү жагдайына көңүл буруу зарыл. Алсак, 2010-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн айкын маалыматтарга ылайык айрым тамак-аш азыктарын (ун, нан азыктары, эт жана эт азыктары) өндүрүүнүн өсүш арымы басаңдаган, ал эми булар керектөө куржунунда олуттуу үлүштү ээлейт. Жыл жыйынтыгына болжолдонгон айыл чарбасында өндүрүштүн акырындап төмөндөөсү баанын өзгөрүлмөлүүлүгү үчүн кошумча өбөлгөлөрдү түзөт. Мына ушул фактор суроо-талап жагынан инфляциянын өсүшүн токтотуучу эффектти төмөндөтөт же текшилейт.

КБИнин өсүшүнө алгылыктуу салымдын сакталып турушун КММга баадан да күтүүгө болот. Өтүп жаткан жылдын июль айынан тартып абаырайынын алгылыксыз болушунан улам, буудайга да дүйнөлүк баанын өсүшү катталган. Мында, Россиянын жана Казакстандын айыл-чарба министрликтеринин маалыматы боюнча ушул жылга дан эгининин жетиштүү запаста топтолушу жана түшүмдүүлүктү болжолдоолор ушул өлкөлөрдө дан эгининин рыногунун дестабилдешине мүмкүндүк бербейт. Кыргызстандын ички рыногунда унга баанын алгачкы өсүшү катталган, мындан аркы баа динамикасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баанын алыпсатарлык өсүшүнө жол бербөө жана жетиштүү мамлекеттик запасты камсыз кылуу жагында көрүлүүчү аракеттерине жараша болот.

2010-жылда акча сунушунун өсүшүнүн негизги булагы катары чыккан мамлекеттик сектордун чыгашалары инфляциянын учурдагы жана болочоктогу деңгээлине таасирин тийгизүүчү башка бир маанилүү фактордон болуп саналат. 2010-жылдын май айынан тартып Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү биринчи кезекте каргашалуу окуялардан жапа

чеккен ишкерлерди колдоого алууга жана талкаланган шаарларды калыбына келтирүүгө багытталган бир катар чараларды жүзөгө ашырган. Алардын натыйжасында жыл жыйынтыгы боюнча мамлекеттик чыгашалар олуттуу көбөйөт, бул салыктык жыйымдардын басаңдоосу алкагында бюджеттик тартыштыктын өсүшүнө, демек, аны каржылоо муктаждыгына алып келет. Өлкөнүн Финансы министрлиги боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы жыл ичинде ИДПга карата 13 пайызга жакын деңгээлге чейин көбөйөт. Ошентип, орто мөөнөттө каралган бюджет-салык саясаты өлкөдө баа туруктуулугу үчүн белгилүү бир тобокелдикти өз мойнуна алат.

***Буудай.*** АКШнын Айыл чарба министрлигинин июль айындагы болжолдоолоруна ылайык 2010/2011-жылдары буудайды дүйнөлүк өндүрүп алуу 661,1 млн тоннаны түзөт. Бул өткөн айдагы прогноздук көрсөткүчтөрдөн 1,1 пайызга төмөн. Буудайды керектөө болжол менен алганда өткөн айдын деңгээлинде (667,0 млн тонна) калган. Ошентип, дүйнөдө 2010/2011-жылдары дүйнөнүн өзөктүү запасы 3,5 пайызга төмөндөп, 187,0 млн тоннаны түзөт.

Казакстандын Айыл-чарба министрлиги кургакчылык мезгилинде дан эгинин айдап-себүүнүн канааттандыраарлык абалда жүргөндүгүн маалымдайт. Өтүп жаткан жылда 14,5 тонна жаңы түшүм алуу пландаштырылып, мындан, 6,5 млн тоннаны тышкы рынокко сунуштоо каралууда. Ошону менен бирге эле өткөн жылдын түшүмүнөн 8,6 млн тонна дан эгини сакталып калгандыгы да маалымданган.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик бажы кызматынын алдын ала берген маалыматы боюнча ушул жылдын экинчи чейрегинде Кыргызстанга Казакстандан тоннасы, орточо алганда, 134,3 АКШ доллар баасында 83,1 миң тонна буудай импорттолуп алынган, 2010-жылдын 16-июлуна карата буудайдын орточо наркы «Казах-зерно» маалыматы боюнча 151 АКШ долларын түзгөн.

***Күрүч.*** АКШнын Айыл-чарба министрлигинин маалыматына ылайык күрүчтү дүйнөлүк өндүрүүгө берилген баа бир аз төмөндөп, 459,3 млн тоннага чейинкини түзгөн. (-0,1 тонна), ал эми керектөө прогнозу 452,1 млн тонна (-0,6 млн тонна). Азыктын ушул түрү боюнча өткөндөн калган запас 96,6 млн тоннаны түзөт (+0,4 млн тонна). Республиканын Мамлекеттик бажы комитетинин алдын ала маалыматтарына ылайык, жылдын экинчи чейрегинде Кыргызстанга Кытайдан тоннасына 358 АКШ доллары орточо баасында 2,4 миң тонна күрүч импорттолгон.

***Мунай.*** Эл аралык валюта фондусу 2010-11 жылдарга мунайга баанын прогнозун төмөндөткөн. Жаңы баа берүүлөргө ылайык мунайдын баррели 2010-жылы орточо алганда 75,3 АКШ долларын түзөт. Ал эми 2011-жылы 77,5 АКШ долларына турат. Бул тиешелүүлүгүнө жараша, 80 жана 83 долларга барабар болгон апрель айындагы болжолдоолордон алда канча төмөн.

*Булагы:Reuters*

Бүтүндөй алганда, жогоруда белгиленген факторлорду эске алганда 2010-жылга инфляция деңгээли мурда аныкталган деңгээлде – 7,5-9,5 пайыз чегинде (2009-жылдын декабрына карата) сакталып калат.

**4.2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисин болжолдоолор**




Мында, таасирлердин орун албашы шартында жана азык-түлүк товарлары рыногунда талап менен сунуш ортосунда баланс колдоого алынган учурунда, ошондой эле КММга баанын өсүшү алгылыктуу болгон болсо, 2010-жылга инфляция деңгээли 6,5 пайызга чейин төмөндөшү мүмкүн. Бирок, инфляциянын көрсөтүлгөн прогноздук маанисинен четтөө тобокелдиги да орун алууда, азык-түлүк товарларына (айрыкча, анан азыктарына) баанын кыйла өсүшү, КММга баанын өсүшүнөн башка өндүрүлгөн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө олуттуу кайталап таасир этүү инфляциянын 10 пайыздан жогору өсүшүн шартташы ыктымал.

2010-жылдын үчүнчү чейрегинде керектөө рыногундагы жагдай буудайга баанын жана сезондук факторлордун таасиринен улам калыптана тургандыгы болжолдонууда. Айыл-чарба продукцияларына баа, КБИнин төмөндөө динамикасын шарттай тургандыгы күтүлүүдө. Бирок, үчүнчү чейректе нан азыктарына, КММга, ошондой эле билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө баа тарабынан инфляцияга кошумча басым жасалышы ыктымал. Жыйынтыгында, жылдын үчүнчү чейрегинде баанын өсүшү 3,0 пайызга жакын болоору болжолдонууда.

**4.2.2-сүрөт. Инфляциянын 2010-жылдын III-чейрегине карата болжолдоолору**




Экономикада баа динамикасынын экинчи көрсөткүчү, ИДП дифлятору 2010-жылга 10,5 пайыз деңгээлде болжолдонууда.

# Статистикалык тиркеме

**1-таблица. Керектөө бааларынын индекси**
*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2010-жыл | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | январь | февраль | март | апрель | май | июнь |
| **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын индекси** | **101,3** | **102,5** | **101,0** | **99,0** | **100,2** | **100,1** |
| Товарлар | 101,4 | 102,8 | 101,0 | 98,8 | 100,0 | 100,1 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 102,0 | 101,9 | 101,5 | 99,2 | 98,9 | 99,9 |
| Алкоголдуу суусундуктар, тамеки заттары | 100,1 | 100,2 | 100,4 | 102,6 | 100,5 | 100,5 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100,9 | 104,8 | 100,6 | 97,3 | 101,4 | 100,2 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,4 | 100,7 | 100,8 | 100,1 | 101,5 | 100,5 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 102,0 | 101,9 | 101,5 | 99,2 | 98,9 | 99,9 |
| Нан азыктары жана таруу | 99,4 | 99,8 | 99,4 | 99,3 | 99,7 | 100,4 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 99,6 | 99,5 | 99,8 | 99,5 | 99,4 | 100,2 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 99,4 | 99,7 | 99,4 | 99,0 | 99,0 | 100,7 |
| нан | 100,0 | 101,0 | 100,0 | 100,1 | 99,8 | 100,5 |
| Эт | 101,1 | 101,3 | 102,3 | 100,9 | 100,6 | 100,8 |
| Балык | 102,4 | 103,2 | 100,3 | 101,3 | 100,1 | 100,1 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 100,9 | 99,9 | 98,4 | 98,6 | 98,3 | 98,7 |
| Май жана тоң майлар | 101,0 | 100,1 | 100,5 | 100,9 | 101,4 | 100,6 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 104,4 | 108,4 | 105,7 | 97,1 | 93,3 | 97,9 |
| жемиштер | 102,1 | 101,6 | 101,4 | 100,8 | 100,4 | 109,5 |
| жашылчалар | 105,8 | 112,3 | 108,0 | 95,3 | 90,5 | 92,7 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 108,4 | 101,7 | 101,4 | 98,5 | 98,5 | 98,9 |
| кумшекер | 113,6 | 102,4 | 101,7 | 97,2 | 98,0 | 98,0 |
| Башка тамак-аш азыктары | 98,1 | 100,3 | 100,1 | 99,9 | 99,4 | 103,9 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 100,9 | 100,7 | 101,8 | 101,1 | 101,2 | 100,7 |
| Алкоголдуу суусундуктар жана тамеки заттары | 100,1 | 100,2 | 100,4 | 102,6 | 100,5 | 100,5 |
| алкоголдуу суусундуктар | 100,2 | 100,2 | 100,7 | 100,3 | 100,7 | 100,7 |
| тамеки заттары | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 107,4 | 100,0 | 100,0 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 100,4 | 100,7 | 100,4 | 100,9 | 101,5 | 100,0 |
| кийим-кече | 100,5 | 100,9 | 100,6 | 101,1 | 101,9 | 99,9 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 103,8 | 107,5 | 100,1 | 100,0 | 100,0 | 100,2 |
| эр адамдар үчүн кийим | 100,4 | 100,7 | 100,0 | 100,8 | 102,7 | 100,1 |
| аялдар үчүн кийим | 100,4 | 100,9 | 101,1 | 102,0 | 103,0 | 99,3 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 100,2 | 100,2 | 100,2 | 100,2 | 100,1 | 100,3 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 100,4 | 101,1 | 105,3 | 100,0 | 101,3 | 101,3 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 100,2 | 100,2 | 100,0 | 100,6 | 100,4 | 100,3 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 100,2 | 100,4 | 98,3 | 99,8 | 100,2 | 100,2 |
| аялдар үчүн бут кийим | 100,0 | 100,1 | 102,7 | 101,6 | 100,2 | 100,3 |
| балдар үчүн бут кийим | 100,6 | 100,2 | 96,7 | 99,5 | 101,8 | 100,3 |
| бут кийимди оңдоо | 100,0 | 100,2 | 100,0 | 100,0 | 100,5 | 100,0 |
| Турак-жай кызмат көрсөтүүлөрү, суу, электрэнергиясы, газ жана башка отундар | 103,0 | 118,3 | 100,6 | 87,5 | 100,8 | 99,2 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 100,0 | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 97,9 | 99,0 | 100,2 | 101,5 | 103,2 | 99,8 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 103,9 | 122,1 | 99,6 | 85,2 | 100,6 | 99,0 |
| газ | 100,7 | 100,1 | 100,7 | 100,9 | 100,2 | 100,5 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 100,1 | 100,5 | 100,4 | 100,3 | 99,4 | 100,2 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 100,1 | 100,3 | 100,1 | 100,6 | 100,1 | 100,2 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 100,0 | 100,0 | 100,1 | 100,0 | 100,0 | 100,1 |
| тиричилик шаймандары | 100,0 | 100,1 | 100,3 | 100,0 | 100,5 | 100,2 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 100,3 | 100,6 | 100,0 | 100,4 | 100,1 | 100,2 |
| Саламаттыкты сактоо | 100,3 | 102,4 | 113,4 | 100,3 | 101,3 | 99,7 |
| Транспорт | 98,5 | 100,2 | 99,7 | 100,6 | 104,6 | 101,6 |
| авторанспортту сатып алуу | 100,3 | 100,5 | 100,5 | 100,6 | 100,6 | 100,5 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 97,7 | 99,5 | 101,0 | 105,6 | 113,4 | 104,5 |
| бензин | 97,4 | 99,4 | 100,3 | 105,1 | 112,8 | 104,5 |
| дизель отуну | 99,7 | 99,7 | 105,3 | 108,8 | 123,1 | 103,6 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 98,4 | 100,2 | 99,5 | 100,1 | 104,7 | 101,5 |
| Байланыш | 100,0 | 99,7 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 100,0 | 100,8 | 100,3 | 100,5 | 104,4 | 103,1 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 100,0 | 103,9 | 100,4 | 100,1 | 100,0 | 100,0 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 100,0 | 100,0 | 100,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Билим берүү | 99,6 | 100,5 | 100,0 | 100,2 | 100,0 | 100,0 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 100,3 | 100,4 | 100,0 | 100,2 | 100,0 | 100,0 |
| коомдук тамактануу | 100,3 | 100,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 100,2 | 101,6 | 100,3 | 103,3 | 100,7 | 100,2 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 103,0 | 101,9 | 101,9 | 100,3 | 100,4 | 100,6 |
| жеке тейлөө | 103,4 | 102,1 | 102,2 | 100,2 | 100,3 | 100,2 |

*Булагы: КР УСК*

**2-таблица. Керектөө бааларынын индекси**

*(ай өткөн жылдын тиешелүү айына карата, пайыздар)*

| | 2010-жыл | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | январь | февраль | март | апрель | май | июнь |
| **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын индекси** | **100,7** | **102,9** | **104,3** | **102,9** | **102,9** | **103,6** |
| Товарлар | 100,6 | 103,1 | 104,7 | 103,0 | 102,8 | 103,5 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 94,3 | 97,5 | 100,0 | 98,9 | 97,4 | 99,3 |
| Алкоголдуу суусундуктар, тамеки заттары | 105,1 | 105,2 | 105,0 | 106,9 | 107,1 | 106,0 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 110,9 | 111,8 | 112,4 | 108,9 | 110,2 | 109,2 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 102,4 | 103,3 | 103,6 | 103,6 | 104,8 | 105,1 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 94,3 | 97,5 | 100,0 | 98,9 | 97,4 | 99,3 |
| Нан азыктары жана таруу | 86,6 | 89,3 | 90,2 | 90,6 | 90,3 | 90,5 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 78,1 | 82,2 | 84,2 | 88,9 | 93,6 | 92,5 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 74,3 | 79,2 | 80,7 | 83,6 | 86,8 | 87,6 |
| нан | 90,2 | 91,8 | 92,5 | 94,8 | 95,3 | 95,8 |
| Эт | 100,9 | 100,9 | 103,2 | 105,3 | 105,4 | 105,8 |
| Балык | 103,1 | 105,6 | 105,1 | 106,0 | 105,8 | 106,7 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 94,8 | 95,5 | 97,5 | 98,7 | 98,1 | 98,4 |
| Май жана тоң майлар | 90,2 | 93,2 | 94,9 | 98,0 | 102,6 | 104,8 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 82,2 | 90,0 | 96,0 | 87,6 | 81,1 | 89,4 |
| жемиштер | 88,5 | 89,4 | 90,9 | 89,8 | 86,8 | 101,5 |
| жашылчалар | 76,3 | 87,7 | 96,0 | 83,3 | 76,5 | 83,3 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 126,2 | 129,7 | 132,1 | 129,9 | 123,5 | 120,2 |
| кумшекер | 146,4 | 152,0 | 155,8 | 152,0 | 139,8 | 133,4 |
| Башка тамак-аш азыктары | 99,2 | 99,9 | 100,5 | 101,0 | 100,3 | 104,3 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 112,1 | 112,3 | 113,5 | 112,7 | 113,9 | 113,7 |
| Алкоголдуу суусундуктар жана тамеки заттары | 105,1 | 105,2 | 105,0 | 106,9 | 107,1 | 106,0 |
| алкоголдуу суусундуктар | 107,1 | 107,2 | 107,0 | 106,3 | 106,6 | 104,9 |
| тамеки заттары | 101,2 | 101,1 | 101,0 | 107,8 | 107,8 | 107,8 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 108,7 | 108,9 | 109,3 | 109,8 | 110,9 | 109,3 |
| кийим-кече | 110,3 | 110,5 | 110,6 | 110,9 | 112,6 | 111,0 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 153,5 | 160,1 | 139,7 | 121,3 | 121,1 | 112,9 |
| эр адамдар үчүн кийим | 110,6 | 110,5 | 110,2 | 110,4 | 112,9 | 111,4 |
| аялдар үчүн кийим | 109,1 | 109,4 | 110,3 | 112,2 | 115,0 | 113,1 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 108,0 | 107,6 | 108,0 | 108,3 | 108,1 | 107,4 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 107,2 | 107,9 | 113,5 | 111,5 | 112,0 | 111,4 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 105,7 | 105,8 | 106,7 | 107,5 | 107,1 | 105,9 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 105,9 | 106,2 | 106,0 | 107,1 | 105,6 | 104,3 |
| аялдар үчүн бут кийим | 106,6 | 106,7 | 110,2 | 110,6 | 110,1 | 109,2 |
| балдар үчүн бут кийим | 104,2 | 104,4 | 101,6 | 101,9 | 103,6 | 102,0 |
| бут кийимди оңдоо | 112,9 | 108,5 | 106,9 | 103,9 | 104,5 | 103,5 |
| Турак-жай кызмат көрсөтүүлөрү, суу электрэнергиясы, газ жана башка отундар | 113,7 | 122,4 | 124,1 | 109,2 | 110,4 | 108,4 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 101,0 | 100,7 | 100,4 | 100,4 | 100,4 | 100,4 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 106,9 | 103,2 | 103,6 | 105,1 | 108,1 | 97,1 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 115,6 | 126,6 | 127,2 | 109,0 | 110,2 | 109,3 |
| газ | 158,5 | 102,2 | 102,9 | 104,3 | 105,4 | 106,2 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 109,1 | 109,0 | 107,5 | 105,5 | 104,5 | 103,6 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 105,2 | 105,4 | 104,4 | 103,2 | 103,1 | 103,2 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 140,9 | 140,0 | 125,1 | 110,0 | 110,1 | 102,6 |
| тиричилик шаймандары | 102,6 | 102,5 | 101,9 | 101,4 | 101,8 | 101,8 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 108,2 | 108,0 | 106,0 | 104,7 | 104,4 | 103,2 |
| Саламаттыкты сактоо | 110,4 | 112,4 | 127,5 | 127,5 | 128,8 | 127,9 |
| Транспорт | 98,9 | 100,4 | 102,0 | 102,8 | 108,2 | 109,3 |
| авторанспортту сатып алуу | 110,7 | 108,5 | 105,3 | 104,3 | 104,6 | 105,0 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 125,4 | 129,2 | 135,8 | 147,0 | 168,6 | 168,7 |
| бензин | 134,9 | 137,0 | 143,9 | 155,0 | 175,7 | 173,4 |
| дизель отуну | 94,4 | 101,7 | 109,5 | 121,6 | 154,7 | 161,3 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 95,5 | 97,1 | 98,7 | 99,0 | 104,4 | 105,5 |
| Байланыш | 100,0 | 99,7 | 99,7 | 99,7 | 99,8 | 99,8 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 111,3 | 109,4 | 108,8 | 108,6 | 112,8 | 115,9 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 116,7 | 119,9 | 120,0 | 111,2 | 105,9 | 105,8 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 117,6 | 115,8 | 115,6 | 115,5 | 115,2 | 114,6 |
| Билим берүү | 101,0 | 101,3 | 101,3 | 101,4 | 101,3 | 101,3 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 108,8 | 108,9 | 104,0 | 104,1 | 102,1 | 101,5 |
| коомдук тамактануу | 108,4 | 108,5 | 103,3 | 103,4 | 101,3 | 101,1 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 118,3 | 119,6 | 118,9 | 122,2 | 122,4 | 108,9 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 110,2 | 109,4 | 110,6 | 109,2 | 109,0 | 109,8 |
| жеке тейлөө | 110,2 | 110,6 | 112,4 | 110,5 | 110,1 | 110,6 |

*Булагы: КР УСК*

**3-таблица. Баалардын индекси жана импорттун 2010-жылдын январь-май айлары үчүн физикалык көлөмүнүн индекси**

| Товардын аталышы | 2010-ж. 5 айы млн. АКШ долл. n10*p10 | 2010-ж. 5 айы млн. АКШ долл. n10*p09 | 2009-ж. 5 айы млн. АКШ долл. n09*p09 | Индекстер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | баасы | физ. көлөмү | наркы |
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Мунай жана мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 292,8 | 200,9 | 238,1 | 1,46 | 0,84 | 1,23 |
| Чоюн жана болот | 38,3 | 31,7 | 36,9 | 1,21 | 0,86 | 1,04 |
| Дары-дармектер (ветеринардыкты кошо алганда) | 34,6 | 30,0 | 29,1 | 1,15 | 1,03 | 1,19 |
| Газ абалындагы жаратылыш газы | 28,3 | 33,8 | 39,0 | 0,84 | 0,87 | 0,72 |
| Эт жана эт азыктары | 26,4 | 27,2 | 16,1 | 0,97 | 1,69 | 1,64 |
| Эфир майлары, резиноиддер жана парфюмердик каражаттар | 22,9 | 28,1 | 19,5 | 0,82 | 1,44 | 1,18 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 22,0 | 25,6 | 29,0 | 0,86 | 0,88 | 0,76 |
| Кант, кант кошулган азыктар жана бал | 21,6 | 14,7 | 18,6 | 1,47 | 0,79 | 1,16 |
| Дан эгиндери (полба (буудайдын бир түрү) ж-а угут, тартылбаган шак | 19,7 | 28,5 | 28,6 | 0,69 | 1,00 | 0,69 |
| Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автомобилдер | 18,8 | 16,3 | 15,3 | 1,16 | 1,07 | 1,24 |
| Кофе, чай, какао, таттуулар жана алар кошулган азыктар | 18,6 | 15,2 | 17,0 | 1,22 | 0,90 | 1,09 |
| Өсүмдүк майлары жана тоң майлар | 16,9 | 16,2 | 14,4 | 1,04 | 1,12 | 1,17 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 16,8 | 17,5 | 14,4 | 0,96 | 1,22 | 1,17 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 16,8 | 16,8 | 7,2 | 1,00 | 2,32 | 2,32 |
| Жашылча жана жемиштер | 16,2 | 15,8 | 12,7 | 1,03 | 1,24 | 1,28 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 15,4 | 11,6 | 11,4 | 1,33 | 1,02 | 1,35 |
| Жасалма текстиль материалдарынан кездемелер | 15,1 | 19,9 | 19,6 | 0,76 | 1,01 | 0,77 |
| Таш, кумду, кендерди электен өткөрүү, майдалоо маш-нын тетиктери | 13,7 | 6,0 | 9,2 | 2,27 | 0,66 | 1,49 |
| Жерсемирткичтер | 13,6 | 16,7 | 6,4 | 0,82 | 2,60 | 2,12 |
| Электрлиниялык телефон же телеграф аппараттары | 11,3 | 17,4 | 10,2 | 0,65 | 1,72 | 1,11 |
| Алкоголдук суусундуктар | 9,4 | 6,8 | 11,1 | 1,39 | 0,61 | 0,85 |
| Ийне жалбырактуу өсүмдүк жыгачтары | 9,3 | 9,2 | 8,8 | 1,01 | 1,05 | 1,05 |
| Башка категорияларга кирбеген, баалуулукка жатпаган металлдар | 9,2 | 4,6 | 10,8 | 1,99 | 0,42 | 0,85 |
| Башка категорияга кирбеген тамак-аш азыктары жана препараттар | 8,7 | 14,8 | 9,7 | 0,58 | 1,53 | 0,90 |
| Синтетикалык материалдан жасалган бут кийим | 8,6 | 8,9 | 9,7 | 0,97 | 0,91 | 0,89 |
| Баштапкы формадагы пластмасса | 8,5 | 6,3 | 7,2 | 1,35 | 0,87 | 1,18 |
| Кант кошулган мин. суулар жана алкоголсуз суусундуктар | 7,7 | 7,1 | 6,6 | 1,09 | 1,07 | 1,17 |
| Тыгыздалган жана калыбына келтирилген жыгачтар | 6,8 | 6,7 | 5,9 | 1,01 | 1,14 | 1,15 |
| Жеңил авт-р, эл ташуу үчүн каралган транспорт каражаттары | 6,7 | 5,5 | 5,7 | 1,22 | 0,96 | 1,18 |
| Дан азыктарынан, ундан жана крахмалдан жасалган азыктар | 6,6 | 6,5 | 6,0 | 1,02 | 1,09 | 1,11 |
| Баштапкы эмес формада пластмасса | 6,3 | 5,8 | 4,9 | 1,10 | 1,18 | 1,29 |
| Электр трансформаторлору | 6,2 | 1,7 | 1,0 | 3,75 | 1,63 | 6,11 |
| Түс өзгөртүүчү жана ийлөөчү заттар, боектор | 6,0 | 4,9 | 6,2 | 1,22 | 0,79 | 0,96 |
| Иштетиле элек тамеки, тамеки калдыктары | 5,4 | 7,1 | 1,1 | 0,75 | 6,24 | 4,69 |
| Маргарин жана жуурулган май | 5,3 | 4,0 | 5,5 | 1,32 | 0,72 | 0,95 |
| Башка катег. кирбеген, ар кандай химиялык заттар | 4,4 | 2,3 | 4,3 | 1,91 | 0,54 | 1,04 |
| Май жана сырдан тышкары сүт жана сүт азыктары | 4,4 | 3,7 | 3,9 | 1,20 | 0,95 | 1,14 |
| Инсектициддер, родентициддер, фунгициддер, гербициддер | 4,4 | 5,3 | 2,8 | 0,83 | 1,87 | 1,55 |
| Кол жана машина менен иштетилүүчү инструменттер | 4,2 | 5,3 | 2,9 | 0,79 | 1,79 | 1,42 |
| Медициналык жана фармацевтикалык дары-дармектер | 4,0 | 3,7 | 4,2 | 1,08 | 0,88 | 0,94 |
| Күрүч | 3,9 | 3,5 | 8,4 | 1,12 | 0,42 | 0,47 |
| Темирден, болоттон жана жезден жасалган буроолор, мыктар | 3,9 | 2,8 | 4,1 | 1,40 | 0,67 | 0,93 |
| Маалымат-ды авт. түрдө иштеп чыгуучу маш. ж-а алардын түйүндөрү | 3,7 | 3,7 | 3,0 | 1,02 | 1,23 | 1,26 |
| Шейшептер, сүлгүлөр | 3,5 | 7,9 | 2,3 | 0,45 | 3,36 | 1,50 |
| Айнек идиштер, айнектен тыгындар | 3,4 | 3,6 | 2,9 | 0,93 | 1,25 | 1,16 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **830,4** | **731,4** | **731,9** | **1,14** | **1,00** | **1,13** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***73%*** | | ***66%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **1 144,0** | | **1 114,0** | | | |

УСКнын СИФ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада импорттун баштапкы 45 ири статьясы келтирилген
n- товардын импортунун физикалык көлөмү
p-товардын эсептешүү импорттук баасы

**4-таблица. Баалардын индекси жана экспорттун 2010-жылдын январь-февраль айлары үчүн физикалык көлөмүнүн индекси**

| *Товардын аталышы* | *2010-ж. 5 айы млн. АКШ долл. n10*p10* | *2010-ж. 5 айы млн. АКШ долл. n10*p09* | *2009-ж. 5 айы млн. АКШ долл. n09*p09* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | **A** | **B** | **C** | **A/B** | **B/C** | **A/C** |
| Монетардык эмес алтын | 301,2 | 240,9 | 142,8 | 1,25 | 1,69 | 2,11 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 120,1 | 150,4 | 104,3 | 0,80 | 1,44 | 1,15 |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 30,0 | 26,8 | 69,4 | 1,12 | 0,39 | 0,43 |
| Жашылча-жемиштер | 29,7 | 39,4 | 24,3 | 0,75 | 1,62 | 1,22 |
| Блузкалар, кофталар жана кофта-блузкалар | 12,8 | 12,7 | 9,1 | 1,01 | 1,39 | 1,41 |
| Май жана сырдан тышкары сүт жана сүт азыктары | 8,5 | 10,2 | 6,3 | 0,83 | 1,62 | 1,35 |
| Иштетиле элек тамеки; тамеки калдыктары | 8,4 | 8,4 | 7,0 | 1,00 | 1,20 | 1,20 |
| Ысытуу лампалары | 7,3 | 7,4 | 4,8 | 0,98 | 1,56 | 1,52 |
| Көйнөктөр | 7,2 | 6,4 | 4,4 | 1,11 | 1,46 | 1,63 |
| Аялдар же кыздар үчүн токулган же түйүлгөн кийимдер | 6,6 | 8,9 | 0,3 | 0,75 | 25,85 | 19,30 |
| Аялдар ж-а кыздар үчүн шымдар, комб., бриджалар жана чолок шымдар | 6,2 | 6,0 | 2,9 | 1,04 | 2,04 | 2,12 |
| Юбкалар жана юбка-шымдар | 3,6 | 3,8 | 2,2 | 0,95 | 1,67 | 1,58 |
| Электр тогу | 3,3 | 3,0 | 1,4 | 1,11 | 2,06 | 2,28 |
| Түйүлгөн жана токулган байпактар | 3,1 | 2,5 | 0,5 | 1,23 | 5,36 | 6,61 |
| Эркектер ж-а балдар үчүн шымдар, комб., бриджалар ж-а чолок шымдар | 2,9 | 2,7 | 1,6 | 1,07 | 1,71 | 1,83 |
| Пальтолор, кыска пальтолор, жамынгычтар жана плаүтар | 2,6 | 2,2 | 1,1 | 1,21 | 2,06 | 2,50 |
| Таш, кум жана шагыл | 2,4 | 3,3 | 1,9 | 0,74 | 1,78 | 1,31 |
| Пахта | 2,4 | 2,3 | 6,8 | 1,05 | 0,34 | 0,36 |
| Кант кошулган мин. суулар жана алкоголсуз суусундуктар | 2,4 | 4,1 | 1,3 | 0,58 | 3,16 | 1,83 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 2,3 | 2,6 | 2,2 | 0,91 | 1,15 | 1,04 |
| Сыр жана быштак | 2,1 | 2,9 | 3,2 | 0,72 | 0,93 | 0,67 |
| Металл сыныктары жана кара металл калдыктары | 1,9 | 2,0 | 1,5 | 0,94 | 1,36 | 1,28 |
| Башка катег. кирбеген, кен эместерден буюмдар | 1,7 | 1,8 | 1,8 | 0,96 | 0,98 | 0,94 |
| Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автомобилдер | 1,7 | 0,6 | 0,9 | 3,05 | 0,60 | 1,83 |
| Тирүү малдар | 1,5 | 2,5 | 1,5 | 0,60 | 1,72 | 1,03 |
| Коргошун | 1,2 | 1,0 | 0,2 | 1,17 | 5,86 | 6,85 |
| Металл сыныктары ж-а баалуулукка жатп. түстүү металл калдыктары | 1,2 | 1,9 | 0,3 | 0,65 | 5,49 | 3,55 |
| Аялдар үчүн курткалар, блейзерлер | 1,2 | 1,5 | 0,4 | 0,78 | 3,42 | 2,68 |
| Ири мүйүздүү мал терилеринен булгаарылар | 1,1 | 1,3 | 0,9 | 0,85 | 1,51 | 1,29 |
| Аялдар үчүн костюмдар | 1,1 | 1,0 | 1,2 | 1,04 | 0,87 | 0,91 |
| Дан азыктарынан, ундан жана крахмалдан жасалган азыктар | 1,0 | 0,7 | 1,0 | 1,48 | 0,66 | 0,97 |
| Май жана башка тоң майлар жана сүттөн алынган май | 0,9 | 1,6 | 0,5 | 0,60 | 2,92 | 1,77 |
| Эт жана эт азыктары | 0,9 | 1,5 | 0,3 | 0,63 | 4,38 | 2,76 |
| Башка категорияга кирбеген тамак-аш азыктары жана препараттар | 0,9 | 0,6 | 0,9 | 1,62 | 0,62 | 1,01 |
| Кол жана машина менен иштетилүүчү инструменттер | 0,9 | 0,2 | 1,0 | 4,76 | 0,20 | 0,94 |
| Күрүч | 0,9 | 0,8 | 0,1 | 1,09 | 7,75 | 8,42 |
| Күмүш | 0,9 | 0,6 | 0,5 | 1,53 | 1,14 | 1,74 |
| Чоюн жана болот | 0,9 | 1,1 | 0,5 | 0,77 | 2,08 | 1,61 |
| Малдын жүнү | 0,8 | 0,7 | 0,5 | 1,08 | 1,39 | 1,50 |
| Эр адамдар үчүн костюмдар | 0,8 | 0,7 | 0,4 | 1,14 | 1,73 | 1,96 |
| Жана башка минералдык чийки заттар | 0,8 | 0,2 | 0,4 | 4,01 | 0,50 | 1,99 |
| Кофе, чай, какао, таттуулар жана алар кошулган азыктар | 0,8 | 0,8 | 1,1 | 0,98 | 0,68 | 0,67 |
| Пахтадан жасалган кездемелер | 0,7 | 0,8 | 0,4 | 0,94 | 2,13 | 1,99 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 0,7 | 3,8 | 2,5 | 0,18 | 1,51 | 0,27 |
| Даяр тамеки | 0,7 | 0,5 | 0,6 | 1,33 | 0,90 | 1,20 |
| Маргарин жана жуурулган май | 0,6 | 0,6 | 3,5 | 0,94 | 0,18 | 0,17 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **590,8** | **575,6** | **420,7** | **1,03** | **1,37** | **1,40** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | *92%* | | *91%* | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **638,8** | | **461,3** | | | |

УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада экспорттун баштапкы 46 ири статьясы келтирилген
n- товардын экспортунун физикалык көлөмү

p-товардын эсептешүү экспорттук баасы

# Глоссарий

**Базалык инфляция** – баанын кыска мөөнөттүү, структуралык жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган, инфляция тренди катары аныкталат. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн (начар түшүмдүн алынышы, КММ рыногунда баа таасири, газга жана электрэнергиясына ж.б. тарифтердин административдик өзгөртүлүшү сыяктуу) сезондук же тышкы факторлор менен шартталган, товарларга баанын өсүшү алынып салынат. Улуттук банк базалык инфляция динамикасын жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептейт. Бул ыкма КБИден аларга белгиленген баа ар кандай таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Адатта, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялары жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

**Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казна векселдери** – бул, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк алдындагы карызын кайра тариздөөнүн натыйжасында, Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 айлык купондук баалуу кагаздар. Бул баалуу кагаздарды калыбына келтирүү төмөнкүчө: Улуттук банктын портфелиндеги МКВ(ж) лардын төлөө күнү Финансы министрлиги төлөө менен бирге эле төлөнгөн баалуу кагаздардын санына барабар санда МКВ(ж)лардын жаңы санын чыгарат.

**Мамлекеттик казна векселдери** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук баалуу кагаздары. Финансы министрлиги МКВлардын эмитенти болуп саналат. МКВларды жайгаштыруу Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу жума сайын ишке ашырылат. Аукциондорго катышуу укугуна тике катышуучулар ээ (Улуттук банк менен келишим түзүшкөн алгачкы дилерлер, финансы-кредиттик мекемелер). Юридикалык жактар сыяктуу эле, жеке адамдар дагы Кыргыз Республикасынын МКВларынын ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВлар рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВлардын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын электрондук соода системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал алгачкы дилерлерге жана алардын кардарларына МКВларды өз жумуш ордуларынан сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Мамлекеттик казна облигациялары** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайыздык кирешеси (купон) жана жүгүртүү мөөнөтү 1 жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар. Финансы министрлиги МКОнун эмитенти болуп саналат. Улуттук банк, МКОнун чыгарылыштарын тейлөө боюнча Генералдык агенттик болуп саналат.

**Акча базасы** – жүгүртүүдөгү акча + финансы мекемелеринин Улуттук банктагы улуттук жана чет өлкө валютасындагы депозиттери.

**Акча топтому** – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: M0; M1; M2; M2X.
**M0** – банктардан тышкаркы акча.
**M1** – M0 + талап боюнча төлөнүүчү улуттук валютадагы депозиттер.
**M2** – M1 + улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.
**M2X** – M2 + чөт өлкө валютасындагы депозиттер.

**Жүгүртүүдөгү акча** – Улуттук банктын кассасындагы нак акчаларды эсептеп алып салуу менен жүгүртүүгө чыгарылган акча.

**Ички дүң продукциянын дефлятору** – бул, экономикадагы баалардын өсүшү эсебинен ИДПдагы өзгөрүүлөрдү мүнөздөгөн экономика тармактарынын бааларынын жыйынтыктап алынган индекси. ИДПнын дефлятору, өтүп жаткан жылдын баасындагы номиналдык ИДПнын, өткөн жылдын баасындагы ИДПнын өлчөмүнө карата катышы катары эсептелинет.

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси** – жергиликтүү өндүрүүчүлөрдүн өз продукциялары үчүн алынган сатуу баасындагы орточо өзгөрүүлөрдү өлчөйт. КБИ эсептөөлөрүндө колдонулган маалыматтар экономиканын өндүрүш секторунун дээрлик ар бир тармагынын ишин чагылдырган 148 ишканадан алынат. Бул ишканалардын тизмесине тиешелүү регионго мүнөздүү болгон жана менчигинин түрүнө карабастан ошол өнөр-жай тармагы үчүн типтүү болгон ишканалар камтылат.

**Инфляция** экономикада керектөө баасынын жалпы деңгээлинин жогорулоосун түшүндүрөт. Инфляция деңгээлине сандык баа берүү үчүн керектөө баасынын индекси (КБИ) колдонулат. КБИ, калайык-калк тарабынан өндүрүштүк эмес керектөөлөрү үчүн сатылып алынган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа деңгээлинин өзгөрүүсүн чагылдырат. Индексти эсептөөдө тандалып алынган 342 товардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуу баасы колдонулат, тандалып алынгандардын өлчөмү 7 шаардык жана 2 райондук борборлордогу соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 1496 ишканаларына айына 45 миң баага чейинкини түзөт.

**«Овернайт» кредити** улуттук валютада күрөөлүк камсыздоо алдында, банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн бир күнгө берилет. Күрөөлүк камсыздоо катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылган, «овернайт» кредити берилген күндөн тартып 12 айга чейинки төлөө мөөнөтүнө ээ, мамлекеттик баалуу кагаздары кабыл алынат. Алар боюнча пайыздык чен Улуттук банктын эсептик ченинен 1,2 өлчөмүндө белгиленет. Бул кредит коммерциялык банктын демилгеси боюнча берилип турат.

**Финансылык эмес активдер** экономикалык активдердин төмөнкү категорияларын өзүндө камтыйт: негизги фондулар, материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастары, баалуулуктар жана өндүрүлбөгөн активдер (табигый жана материалдык эмес).

**Ноталар** – бул, Улуттук банк тарабынан 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мөөнөткө жумалык аукциондордо жүгүртүүгө чыгарылган мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар. Алардын кирешелүүлүгү коммерциялык банктардын талабы жана сунушуна жараша аныкталат. Банк тутумунан улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү алып салуу, ноталардын аукциондорун өткөрүү максаты болуп саналат.

**Улуттук банктын репо операциялары** – бул, мамлекеттик баалуу кагаздарды келечекте белгиленген күнү жана алдын-ала макулдашылган баада кайта сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу (тике репо)/ сатуу (кайтарым репо) операциясы.

**Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары** – бул, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларды кошпогондо, мамлекеттик башкаруу секторунун активдеринин таза наркынын азайышына алып келген бардык операциялар.

**Своп операциялары** – бул, улуттук валютадагы акча каражаттарын чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммага алмашуу же тескерисинче алдын-ала макулдашылган шарттарда негизги суммаларды жана чегерилген пайыздарды кайта алмашуу милдеттенмеси менен ишке ашырылган операциялар.

**Спот** – бул, товарларды дароо өткөрүп берүү шарттарында, аларды сатып алуу-сатуунун биржалык келишими.

**Калайык-калктын акчалай кирешелеринин квинтилдик топтор боюнча түзүмү** калктын кирешелеринин өлчөмү боюнча, алардын ар бири калктын 20 пайызынан турган 5 (квинтилдик) топтор боюнча дифференциацияланышын чагылдырат. Калктын кирешелерин дифференциациялоону аныктоонун мындай ыкмасы, калктын жалпы санын мисалы, коомдун жалпы кирешесин кирешеси көбүрөөк же аз кирешелүү топторго кирген калктын үлүшүнө бөлө алгандай негизде, беш бирдей топко бөлүүнү болжолдойт.

**Фьючерс** (фьючерстик контракт) – бул, кайсы бир активди белгилүү бир көлөмдө, белгиленген мезгил аралыгында бүгүн макулдашылган баада сатып алуу-сатуу жөнүндөгү келишим. Фьючерстик контракты түзүү учурунда эки тарап катышат: сатып алуучу жана сатуучу. Сатып алуучу активди мурда макулдашылган мөөнөттө сатып алууга, ал эми сатуучу ушул эле мөөнөттө сатууга милдеттенет.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| ИДП | Ички дүң продукция |
| ДКН | Дүң кошумча нарк |
| МКВ | Мамлекеттик казна векселдери |
| МКВ (ж) | Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казна векселдери |
| МКО | Мамлекеттик казна облигациялары |
| КММ | Күйүүчү-майлоочу материалдар |
| МБК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы |
| КБИ | Керектөө бааларынын индекси |
| КДКР | Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитет |
| ӨБИ | Өндүрүүчүлөрдүн баа индекси |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| Улуттук банк | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| ҮЧТКУ | Үй чарбасын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредиттик мекеме |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| ОПЕК | Мунайды экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму |
| СИФ | Импортердун чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| КМШ | Көз карандысыз Мамлекеттер шериктештиги |
| АКШ | Америка Кошмо Штаты |
| СФРБ | Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду |
| ФОБ | Экспортер өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |